*"Грин Телеком Сервис" ЖЧКсынын*
*Башкармасынын Төрайымынын Буйругу менен*
*бекитилди жана колдонууга киргизилди*

**«Грин Телеком Сервис» ЖЧКнун**
**«О!Деньги» тутумун колдонуу жөнүндө**
**ЖАЛПЫГА АЧЫК ОФЕРТА**
**(кошулуу келишимин түзүү жөнүндө сунуш)**

Бул Жалпыга ачык оферта (мындан ары - «**Оферта»)** мындан ары **«Тутумдун Оператору»** деп атала турган «Грин Телеком Сервис» жоопкерчилиги чектелеген коомунун (КР Улуттук банкынын лицензиялары: 2017-жылдын «03»-августундагы №2021030817 жана №3022030817, дареги: Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Абдрахманов көчөсү, 170/2 үй, блок 2) мындан ары **«Колдонуучу»** деп атала турган 18 (он сегиз) жашка толгон иш-аракетке жөндөмдүү жеке жактарга карата мобилдик тиркеме аркылуу «О!Деньги» төлөм тутумун (мындан ары – **«Тутум»**) бул Офертада белгиленген шарттарга ылайык колдонуу жөнүндө келишим түзүү боюнча жалпыга ачык сунушу болуп саналат.

18 (он сегиз) жашка толгон жана ишкердик ишин жүргүзгөн, ошондой эле жеке ишкер сыпатына ээ болгон иш-аракетке жарамдуу жеке жак менен ишкердик ишин жүргүзүүгө байланыштуу төлөмдөрдү кабыл алуу боюнча Тутумду колдонууга келишим түзүү жөнүндө Жалпыга ачык сунуш бул Офертанын 1-тиркемесинде баяндалган.

«О!Деньги» тутумун колдонуу жөнүндө келишим (мындан ары текст боюнча **«Келишим»**) Колдонуучу бул Офертада белгиленген жана анын Офертанын бардык шарттарын эч бир чектөөсүз жана кошулуу шарттарынан баш тартуусуз толук жана милдеттүү кабыл алганын (акцепт) тушүндүргөн кыймыл-аракеттерди аткарган учурдан тартып түзүлдү деп эсептелет жана келишимдин күчүнө ээ болот.

Бул Офертаны кабыл алуу (акцепт) боюнча иш-аракеттерди аткаруу менен Колдонуучу өзүнүн укукка жана иш-аракетке жөндөмдүүлүгүн, 18 жашка толгонун, жеке ишкердик макамын, ошондой эле Тутумдун Оператору менен келишимдик мамилелерди түзүү боюнча мыйзамдуу укукка ээ болуп, эч кандай чектөө жок экенин тастыктайт. Эгерде Колдонуучу бул Офертанын шарттары менен толук же жарым-жартылай макул болбосо, анда Колдонуучу Тутумду пайдалануудан баш тартууга милдеттүү.

Офертанын мөөнөтү чексиз.

Колдонуучу Офертанын шарттарын кабыл алуу (акцепт) боюнча иш-аракеттерди аткарганга чейин таанышып чыгуусу үчүн Келишимдин аракеттеги версиясы «Мой О!» мобилдик тиркемесинде жана Тутумдун Операторунун http://www.dengi.kg интернет-сайтында жайгашкан. Колдонуучу бул Оферта боюнча кошумча маалымат, О!Деньги тутумун колдонуу, Келишимди бузуу, Тутумдун операторунун кызматтары үчүн Тарифтер жөнүндө маалымат менен Тутумдун Операторунун http://www.dengi.kg веб-сайтынан тааныша алат.

1.1. 1. Жалпы жоболор
1.2. 1.1. Терминдер жана аныктамалар:

**Абоненттик номер** – Колдонуучуга Байланыш кызматтарын көрсөтүү жөнүндө келишим түзүп жатканда мобилдик байланыш Оператору тарабынан бөлүнүп берилген номер, ал

боюнча башка абоненттик түзүлүштөр туташтырылганда телефон тармагына кошулган абоненттин түзүлүшү идентификацияланат.

**Аутентификация** – Колдонуучуга берилген идентификатордун ага таандыктыгын текшерүү же аныктыгын ырастоо.

**Авторлоштуруу** – Колдонуучуга тутумда аткарган ролуна ылайык айрым иш-аракеттерди аткаруу укугун берүү процесси.

**Акча каражаттары** – банктардын жана/же башка мекемелердин кассаларында, эсептешүүдө, валюталык жана башка эсептерде (товарлар менен кызматтарды сатуучулардын өздүк эсептери кошулуп) турган сом жана/же чет өлкөлүк валюталардагы каражаттар, ошондой эле бул Жалпыга ачык офертанын максаттары үчүн «акча каражаттары», «акча каражаттарын которуу» деп контекстке жана тийиштүү кызматтарды көрсөтүү өзгөчөлүктөрүнө жараша «электрондук акчалар» жана «электрондук акчаларга байланышкан» тийиштүү операциялар да түшүндүрүлүшү мүмкүн.

**Идентификация** – кардар жана кардардын бенефициардык ээси жөнүндө идентификациялык маалыматтарды белгилөө процедурасы.

**Идентификатор** – субъектинин же мүмкүндүк алуу объектисинин уникалдуу белгиси.

**Кирүү коду** – «О!Деньги» тутумунда катталуу процессинде Колдонуучу тарабынан белгиленүүчү, Колдонуучуну Аутентификациялоо үчүн дайындалган символдордун уникалдуу топтому.

**ТИК/ККМК чаралары** – террордук ишмердүүлүктү каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди мыйзамдаштырууга (изин жашырууга) каршы күрөшүү боюнча мыйзамдарды сактоо максатында жүргүзүлгөн иш-чаралар.

**«Мой О!» мобилдик тиркемеси** – Android жана iOS (бирок булар менен гана чектелбестен) операциялык тутумдарынын базасында Тутумдун Колдонуучулары үчүн арналган, «О!Деньги» тутумун интернет байланыштын жардамы менен электрондук акчалар, кошулган банктык карталар, төлөөчүгө товарларды/кызматтарды сатуучуда ачылган өздүк эсебине мурда салынган акча каражаттары, аванстар/алдын-ала төлөмдөр жана алардын бөлүктөрүн кайтаруу аркылуу, ошондой эле Төлөмдү ишке ашыруунун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка ыкмалары жана инструменттери аркылуу финансылык транзакцияларды ишке ашыруу максатында колдонуу мүмкүнчүлүгүн берген, онлайн-идентификациядан өтүү жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка сервистерди колдонуу мүмкүнчүлүгүн берген программалык камсыздоо. Колдонуучулар тарабынан пайдаланышы үчүн Программалык камсыздоонун веб-версиясы болушу мүмкүн.

**Тутумдун Оператору** – Тутумду координациялоо жана анын тийиштүү түрдө иштөөсүн камсыздоо функцияларын аткарган «Грин Телеком Сервис» ЖЧК.

**Төлөм** – Тутумдун Оператору тарабынан финансылык маалыматты кабыл алуу, иштеп чыгуу жана чыгарып берүү (процессинг, клиринг) боюнча кызматтарды көрсөтүүсү жана Кыргыз Республикасынын төлөм тутуму аркылуу андан ары накталай эмес эсептешүүлөрдү өткөрүүсү аркылуу Колдонуучу тарабынан кызматтарды, иштерди, товарларды төлөө боюнча милдеттерин аткаруу (аванстык төлөм аткаруу кошулуп) максатында Алуучунун же Сатуучунун пайдасына ишке ашырылган акча каражаттарын өткөрүү иш-аракети.

**Алуучу** – Колдонуучудан төлөмдү алган физикалык жак.

**Колдонуучу** – ишкердик ишин жүргүзгөн, Тутумдун Оператору менен ага кошулуу аркылуу келишим түзгөн, ошондой эле Идентификация процессинен өткөн жана Мобилдик Тиркемеден жеткиликтүү болгон лимиттердин, инструменттердин жана сервистердин алкагында финансылык транзакцияларды (төлөмдөрдү) ишке ашыруу максатында Тутумду колдонуу укугуна ээ физикалык жакты кошкондо, 18 (он сегиз) жашка толгон, укукка жана иш-аракетке жөндөмдүү физикалык жак.

**Сатуучу** – Колдонуучу анын пайдасына төлөм жүргүзгөн юридикалык жак же жеке ишкер.

**Төлөөгө буйрутма** – КолдонуучунунТөлөм жасоо үчүн Тутумдун Катышуучуларынын дарегине так билдирилген жана тийиштүү түрдө жолжоболоштурулган тапшырмасы.

**«О!Деньги» сайты, Тутумдун веб-сайты** – «О!Деньги» Тутумунун Операторунун http://www.dengi.kg дареги боюнча Интернет тармагында жайгашкан эркин таанышуу үчүн ачык, жалпыга жеткиликтүү расмий веб-сайты.

**«О!Деньги» Төлөм тутуму, Тутум** – бул келишимдин алкагында: Тутумдун Оператору, Колдонуучулар, Алуучулар жана Сатуучулардын ортосундагы маалыматтык жана технологиялык өз ара аракеттешүүнү камсыздаган «О!Деньги» төлөм тутуму.

**Тариф** - Тутумдун Оператору Бул Келишим боюнча өз милдеттерин аткаруусуна байланышкан Тутумдун Операторунун чыгымдарын компенсациялоо жана/же сыйлоо катарында кошумча алынган акча каражаттарынын белгилүү бир суммасы.

**Колдонуучунун түзүлүшү** — «О!Деньги» тутумунун Колдонуучусу болуу мүмкүндүгүн берген, «О!Деньги» тутумунун иштөөсү жана колдонулушу үчүн минималдуу зарыл болгон талаптарга жооп берген, Колдонуучуга персоналдык компьютерди кошкондо, соңку жабдуунун Байланыш операторунун байланыш түйүнүнө туташуусу аркылуу Тутумдун Операторунун кызматтарын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыздаган Колдонуучу мыйзамдуу негизде ээлик кылган тастыктоодон өткөн колдонуучу (соңку) жабдуусу.

**Тутумдун катышуучусу** –Тутумдун Оператору, Колдонуучу, Сатуучу жана Төлөм тутумуна кирүү укугуна ээ башка жактар.

1.2. Тутумдун Оператору Мобилдик тиркемени же башка аппараттык жана программалык камсыздоону индивидуалдуу түрдө, анын ичинде Колдонуучунун жашаган же иштеген жерине баруу менен ырастоо боюнча эч кандай кызмат көрсөтпөйт.

1.3. Тутумдун веб-сайтында жана/же Мобилдик тиркемеде орун алган бардык маалыматтар менен графикалык сүрөттөр Тутумдун Операторунун жана/же анын өнөктөштөрүнүн менчиги болуп саналат. Материалдарды басып чыгаруу, ар кандай формада кайра өндүрүү Тутумдун Операторунан алдын-ала алынган уруксаттын негизинде гана ишке ашырылышы мүмкүн. Мындай материалдар бир гана маалыматтык, коммерциялык эмес жана жеке максаттарда колдонула алат.

1.3. 1.4. Бул Офертанын шарттарын кабыл алуу менен Колдонуучу Мобилдик тиркемени орнотууда көрсөтүлгөн телефон номерине маалыматтык/жарнамалык мүнөздөгү материалдардын жөнөтүлүшүнө макулдугун билдирет.

2. Келишимдин предмети

**Бул Келишим Колдонуучунун «Мой О!» Мобилдик тиркемеси аркылуу Алуучулардын же Сатуучулардын пайдасына тиркемеден жеткиликтүү Төлөмдөрдү ишке ашыруу, ошондой эле кызматтарды алуу жана төлөө үчүн «О!Деньги» тутумун Келишимде белгиленген шарттарда колдонуусунун шарттары менен тартибин белгилейт.**

3. Төлөмдүн баасы жана тартиби

3.1. Колдонуучу менен эсептешүүлөр Кыргыз Республикасынын улуттук валютасында – сом менен жүзөгө ашырылат.

3.2. Тутумдун Оператору Колдонуучудан Тариф алууга укуктуу. Тарифтердин өлчөмдөрү, негиздер, Колдонуучу тарабынан төлөө шарттары жана мезгили Мобилдик тиркемеде жана Тутумдун веб-сайтында көрсөтүлгөн.

3.3. Тариф Төлөмдүн суммасына карата кошумча алынат (Төлөмдүн суммасына кошулбайт жана Төлөмдүн суммасын азайтпайт) жана Оператордун жоопкерчилигине кирген учурлардан тышкары, калган бардык учурларда кайра кайтарылбайт.

3.4. Эгер Колдонуучу Тариф менен макул болбосо – ал Төлөөгө буйрутманы түзүүдөн баш тартышы керек. Колдонуучу өзүнө жана/же үчүнчү жактарга бул себепке байланыштуу Тутумду колдонуу мүмкүн болбогондугунан улам келип чыккан кандайдыр бир зыяндын төлөнүшүн талап кылууга укугу жок. Колдонуучу өзүнүн Түзүлүшүнөн жана Мобилдик тиркемеден аткарылган «О!Деньги» тутумун колдонуунун бардык кесепеттери боюнча жоопкерчиликти өзүнө алат. Ушуга байланыштуу Колдонуучу тарабынан жаңылыш Төлөм жасалган учурда кызмат тийиштүү түрдө көрсөтүлдү деп эсептелет жана төлөнгөн тарифтин суммасы кайтарылбайт.

3.5. Тутумдун Оператору бир жактуу тартипте Тарифти толугу менен же жарым-жартылай өзгөртүүгө (көбөйтүүгө же азайтууга), жаңыларын белгилөөгө, аракеттеги Тарифтерди жоюуга укуктуу. Мында жаңы өзгөртүүлөр алар Тутумдун веб-сайтында жарыяланган күндөн тарта күчүнө кирет.

4. Тутумду колдонуу тартиби

4.1. Мобилдик тиркемеге же Тутумдун веб-сайтына кирүүдө Колдонуучуну авторлоштуруу үчүн Кирүү Коду же Колдонуучунун бармак изи колдонулат. Колдонуучунун өзү менен ассоциацияланган авторлоштуруу каражаттарын (камтуу менен, бирок чектелбестен: Кирүү коду ж.б.) колдонуу менен Тутумга кайрылуусу Тутумдун Колдонуучу тарабынан колдонулганын тастыктаган шексиз факт катары кабыл алынат. Мында Колдонуучу менен ассоциацияланган авторлоштуруу каражаттарын пайдалануу аркылуу аткарылган иш-аракеттер Колдонуучунун өзү тарабынан аткарылган иш-аракеттер катары эсептелет.

4.2. Төлөмдү жүзөгө ашыруу үчүн Колдонуучу Төлөөгө буйрутманы Тутумдун Операторуна Келишимдин шарттарына ылайык өткөрүп берет.

Төлөөгө буйрутманы даярдоо менен, Колдонуучу Тутумдун Катышуучуларына Төлөмдү аткаруу үчүн милдеттүү жана кайтарылгыс тапшырма (тапшырмаларды) берген болот, тагыраагы:

4.2.1. Колдонуучунун Тутумдун Операторуна электрондук акчаларды, банктык төлөм картасын, Колдонуучунун аванс/алдын-ала төлөм сыпатында алган жана башка

Колдонуучу мыйзамдуу негизде пайдалануу укугуна ээ акча каражаттарын колдонуу аркылуу Сатуучу менен эсептешүү жана/же Алуучунун пайдасына Төлөмдү ишке ашыруу боюнча берген тапшырмасы;

4.2.2. Төлөөгө буйрутма электрондук түрдө, Мобилдик тиркемеде же Тутумдун веб-сайтында Төлөм реквизиттеринин талааларын толтуруу жолу менен даярдалып, «Төлөө» баскычын басуу же болбосо Тутумдун Оператору тарабынан көрсөтүлгөн башка иш-аракеттерди аткаруу менен аяктайт. Ошондой эле Колдонуучу Офертанын 4.2.1-пунктунда орун алган төлөө жолдорунун бирин белгилейт. Аталган баскычты басуу же Тутумдун Оператору тарабынан көрсөтүлгөн башка иш-аракеттерди аткаруу Колдонуучунун Төлөөгө буйрутманы түзүүгө жана мындай Буйрутманын, Төлөмдүн, Тарифтин жана башка төлөө ыкмасынын шарттарын аткарууга карата макулдугун билдирет;

4.2.3. Колдонуучу Колдонуучунун төлөм Субагенти аркылуу алган акча каражаттары менен төлөө жолун тандап алган учурда, Колдонуучунун Төлөөгө буйрутманы даярдоо аркылуу кабыл алынган акча каражаттарын Тутумдун Операторуна анын Сатуучу же Алуучу менен эсептешүүлөрдү ишке ашыруусу үчүн берген тапшырмасы;

4.3. Колдонуучу Мобилдик тиркемени орнотуу жана электрондук капчыкты толуктоо боюнча иш-аракеттерди аткаруу менен бул Офертага жана электрондук капчыкты колдонуу тартибине ылайык кызматтарды алуу үчүн электрондук акчалардын керектүү көлөмүн сатып алуу жана аларды которуу иш-аракеттерин шексиз кабыл алат жана макулдугун билдирет.

4.4. Төлөмдөр бул Келишимде белгиленген жана Тутумдун веб-сайтына жана/же Мобилдик тиркемеге жайгаштырылган, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген Тутумдун Операторунун ченемдик документтерине туура келген башка себептер боюнча да ишке ашырылыш мүмкүн.

4.5. Колдонуучу тарабынан Мобилдик тиркемеден же Тутумдун веб-сайтынан маалыматтарды киргизүү жана «Төлөө» баскычын басуу же Тутумдун Оператору тарабынан көрсөтүлгөн башка иш-аракеттерди аткаруу жолу менен түзүлгөн Төлөөгө буйрутманы Тараптар Колдонуучунун Төлөмдү аткаруу ниетин жана Төлөөгө буйрутманын аныктыгын ырастоосунун туура жана жетиштүү ыкмасы катары кабыл алышат. Кээ бир учурларда Тутумдун Оператору Колдонуучунун Абоненттик номерине SMS-билдирүү же Мобилдик тиркеменин билдирүүсү сыпатында жөнөтүлгөн кошумча шартбелгинин киргизилишин талап кылышы мүмкүн.

4.6. Өз алдынча жана/же шартбелги жана/же «Төлөө» баскычын басуу менен чогуу киргизилген Кирүү кодун (же Колдонуучунун бармак изи) Тараптар өз колу менен койгон колтамганын аналогу катары эсептешет. Колдонуучу тарабынан Кирүү кодунун колдонулушу өз колу менен койгон кол тамгага барабар юридикалык кесепеттерди жаратат. Колдонуучу же үчүнчү жактар тарабынан каттоодон өтүү учурунда Колдонуучу өзү дайындап алган Кирүү кодун киргизгенден кийин аткарылган бардык иш-аракеттер түздөн-түз Колдонуучу аткарган иш-аракеттер деп эсептелип, Колдонуучу тарабынан жазуу жүзүндө берилген жана өз колу менен кол тамгасын койгон буйрутмаларга барабар болот.

4.7. Колдонуучу тарабынан Тутумдун Операторуна Кирүү кодунун/шартбелгинин колдонулушуна жана/же аныктыгына, Тутумдун Операторуна жөнөткөндөн кийин Төлөө буйрутмасына же башка документке өзгөртүүлөр киргизүү фактысына, Оператор тарабынан Төлөө буйрутмасын алуу фактысына байланыштуу доомат коюлган учурда, Колдонуучу дооматка аталган фактыларга карата тийиштүү далилдерди кошо тиркөөгө

милдеттүү. Далилдер жетиштүү жана мүмкүнчүлүк бар болгон учурда, Тутумдун Оператору, Тутумду колдонуу менен аталган фактылардын бар же жок экендигин текшерет да, коюлган дооматтардын негиздүүлүгү боюнча чечим чыгарат.

4.8. Төлөмдөрдү алдын ала берилген акцепттин негизинде (кошумча Төлөөгө буйрутма жок эле) талашсыз тартипте аткаруу төмөнкү учурларга таандык:

4.8.1. Колдонуучу тарабынан төлөнө турган Тарифтин суммасына;

4.8.2. Колдонуучу тарап болуп саналган башка келишимдер/бүтүмдөр боюнча талашсыз аткарууга жаткан милдеттенменин суммасына;

4.8.3. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте электрондук капчыктагы калдыкты (анын бир бөлүгүн) төлөтүүдө;

4.8.4. жаңылыш төлөм аткарылган учурда электрондук капчыктагы калдыктын көбөйүү же азаюу суммасына;

4.8.5. Келишимдин тийиштүү пункттарындагы себептер боюнча ишке ашырылган акча каражаттарын кайтаруу суммасына;

4.8.6. Колдонуучу тарабынан Офертанын 4.8.4-пунктунда белгиленген акча каражаттарынын суммасынын колдонулушунан келип чыккан Колдонуучунун карыз суммасына;

4.8.7. кээ бир Сатуучулар же Сатуучулардын кээ бир кызматтары үчүн «Автотөлөм» кызматын пайдаланууга болот. Анда Колдонуучу Тутумдун Операторуна Колдонуучунун Төлөмдөрдүн андан аркы кошумча акцепти (макулдугу) жок мезгил-мезгили менен аткарышына макулдугун берүү менен бир эле Төлөө буйрутмасын жиберет. Автотөлөмдүн мезгилдүүлүгү менен шарттары же Тутумдун веб-сайтына жайгаштырылат, же болбосо Колдонуучу тарабынан «Автотөлөмгө» буйрутма жиберип жатканда алынган маалыматта көрсөтүлөт. «Автотөлөмдү» Колдонуучу Мобилдик тиркемеден же Тутумдун веб-сайтынан өчүрө алат.

4.9. Бул Келишимдин шарттарын кабыл алуу менен, Колдонуучу ошол эле учурда Тутумдун Операторуна Офертанын 4.8-пунктунда белгиленген акча каражаттарынын суммалары жана операциялар боюнча алдын-ала берилген акцептти да ырастайт.

4.10. Колдонуучунун Төлөөгө буйрутмасы Тутумдун Оператору тарабынан төмөнкү учурларда аткарылбайт:

4.10.1. Колдонуучу тарабынан бул Келишимдин 5-бөлүмүндө белгиленген чектөөлөр сакталбаганда;

4.10.2. байланыш жок болгондо же Сатуучудан жооп келбегенде, же болбосо Тутумдун Операторунан жана/же Сатуучудан жана/же Байланыш Операторунан суралган кызматтын көрсөтүлүшү техникалык жактан мүмкүн болбогон учурда;

4.10.3. Колдонуучу төлөй турган кызматтардын Сатуучу тарабынан көрсөтүлүшү мүмкүн болбогон учурда;

4.10.4. Тутумдун Операторунда уруксатсыз Төлөөгө буйрутма жиберилгени тууралуу шектенүү пайда болгондо;

4.10.5. Колдонуучуда интернетке кирүү мүмкүндүгү убактылуу жок болгондо же Төлөм тутуму жана/же Тутумдун оператору жана/же Байланыш оператору жана/же Сатуучу менен байланыш болбогон учурда. Мында тийиштүү мүмкүнчүлүк бар болсо, Төлөөгө буйрутма (буйрутмалар) байланыш же интернет көйгөйлөрү чечилген соң аткарылат. Бул абалда Колдонуучунун Төлөөгө буйрутманы кайра жиберүүсүнө зарылдык болбойт.

4.10.6. Сатуучу тийиштүү суммага карата бир эле Төлөм жолу менен өткөрүүнү талап кылганына карабастан, Колдонуучу Төлөмдү бир нече ыкманы колдонуп ишке ашырган учурда;

4.10.7. Сатуучу тарабынан Колдонуучулардын өздүк эсептерин толуктоо суммаларына лимиттер (чектөөлөр) коюлган учурларда;

4.10.8. Тутумдун Операторуна Колдонуучунун Төлөмдөрдү өзүнө таандык эмес кошулган банктык картадан жүргүзгөндүгү тууралуу маалымат келип түшкөндө, Колдонуучу Тутумдун Операторуна өзү ээси болбогон акча каражаттарын которуу жөнүндө буйрутма бергенде же болбосо мындай буйрутма акча каражаттарынын ээси тарабынан санкцияланбаган учурда;

4.10.9. террордук ишмердүүлүктү каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди мыйзамдаштырууга (изин жашырууга) каршы күрөшүү боюнча мыйзамдарда каралган учурларда.

4.11. Төлөөгө буйрутма ийгиликтүү аткарылган учурда Тутумдун Оператору Колдонуучуга Төлөмдүн ишке ашырылгандыгы тууралуу SMS-билдирүү жана/же Колдонуучунун электрондук почтасына жиберилген билдирүү жана/же Төлөм тутумунун билдирүүсү, ошондой эле Тутумда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бардык реквизиттерди камтыган электрондук документти түзүү аркылуу маалымат берет.

4.12. Тутумдун Оператору Колдонуучудан Сатуучунун пайдасына Төлөөгө буйрутманы ишке ашыруу боюнча милдеттерин Төлөм Тутумдун Оператору тарабынан Төлөм тутумуна өткөрүлгөн учурдан тартып толугу менен аткарды деп эсептелет. Муну менен бирге, Сатуучунун тутумунда тийиштүү ырастоолор дайындалган болсо, Колдонуучунун Сатуучудагы өздүк эсептерине акча каражаттары убактылуу кечигүү менен түшүшү ыктымал.

4.13. Акча каражаттары төмөнкү себептер боюнча кайтарылышы мүмкүн:

4.13.1. Колдонуучу Сатуучунун кызматтарынан баш тартканда Төлөм кайтарылган же болбосо Сатуучудан акча каражаттары кайтарылган башка учурларда. Колдонуучу түздөн-түз Сатуучуга кайрылганда, Сатуучу тарабынан ишке ашырылат. Колдонуучуга акча каражаттарын кайтаруунун тартиби менен ыкмаларын Сатуучу менен Колдонуучу өз алдынча аныкташат. Акча каражаттарынын кайтарылып берилбешине байланыштуу талаш-тартыштар Тутумдун Операторун катыштырбастан, Колдонуучу менен Сатуучунун ортосунда чечилүүгө тийиш. Бирок, Тутумдун Оператору Колдонуучуга анын акча каражаттарын кайтаруу боюнча көмөктөшүүгө укуктуу, жана Сатуучу менен өз ара аракеттешүү аркылуу Сатуучунун эсебинен жана тапшырмасына ылайык акча каражаттарын кайтарууну ишке ашыра алат;

4.13.2. жокко чыгарылган (жаңылыш) Төлөмдөрдүн суммасынын кайтарылышы. Мурун жаңылыштык менен өткөрүлгөн же техникалык катадан улам ишке ашырылган Төлөмдү жокко чыгарыш үчүн Тутумдун Операторунун же Тутумдун башка катышуучусунун демилгеси менен аткарылат;

4.13.3. Тутумдун Оператору менен байланышпаган себептерден улам, анын ичинде акча каражаттарын Сатуучуга өткөрүү мүмкүн болбогон же Сатуучу аларды алуудан баш тарткан учурларды кошкондо, ийгиликсиз деп табылган Төлөмдөрдүн кайтарылышы.

4.14. Колдонуучу өз пайдасына Офертанын 4.13-пунктунда көрсөтүлгөн жолдор менен түшкөн акча каражаттарынын анын тийиштүү Төлөөгө буйрутманы түзүп жатканда Колдонуучу тандап алган төлөө ыкмасына туура келген акча каражаттарынын булагынын калдыгын кошумча Буйрутмасыз жана Колдонуучунун мурда берген макулдугуна (акцептине) ылайык көбөйтө тургандыгына макулдугун билдирет.

5. Тутумду колдонууга карата чектөөлөр (өзгөчөлүктөр)

5.1. Келишимдин бул 5-бөлүмүндө тизмектелген Тутумду колдонууга карата чектөөлөр (өзгөчөлүктөр) Тутумду колдонуу кызматын талаптагыдай эмес көрсөтүү кырдаалы болуп саналбайт жана Колдонуучунун Тарифти төлөөдөн баш тартуусу жана/же зыяндардын ордун толтуруу талаптарын билдирүү үчүн негиз болуп саналбайт.

5.2. Сунушталган кызматтардын тизмеси жана Төлөмдөрдүн лимиттери Колдонуучунун идентификациялоо процедурасынан өтүү түрүнөн (аралыктан же жеке өзү барып), ошондой эле Сатуучулар тарабынан белгиленген лимиттерден көз каранды.

5.3. Тутумдун оператору Колдонуучунун, Төлөөчүнүн же Алуучунун шектүү аракеттеринин, Колдонуучу тарабынан Келишимдин шарттарынын бузулгандыгы боюнча убактылуу же дайыма жаралган шектенүүлөрдүн негизинде Сатуучулардын же кызматтардын тизмесине кирүү үчүн жекече чектөөлөрдү коюуга укуктуу.

5.4. Оператор өзүнүн каалоосу боюнча айрым Алуучулардын, Колдонуучулардын, Сатуучулардын пайдасына же Сатуучулардын Кызматтарынын айрым түрлөрү боюнча бир жолку Төлөмдүн максималдуу суммасын, ошондой эле Төлөмдөрдүн бир суткадагы жана бир айдагы жалпы суммасын азайтууга укуктуу.

5.5. Тутумдун Оператору Төлөмдүн өткөрүлүшүн акцептсиз бир жактуу тартипте токтотууга жана аларды Офертанын 4.10.8-пунктунда сыпатталган учурлардын натыйжасында пайда болгон карыздардын же милдеттердин төлөнүшүнө багыттоого укуктуу.

5.6. Бир Колдонуучуга (уникалдуу ИСН) 10дон (ондон) ашык эмес электрондук капчык ачса болот.

6. Тараптардын укуктары жана милдеттери

6.1. Колдонуучунун милдеттери:

6.1.1. Колдонуучу катталуу жана идентификация учурунда чындыкка дал келген маалыматтарды берүүгө милдеттүү.

6.1.2. Колдонуучуга Тутумдун Оператору менен өзүнчө келишим түзбөй туруп Тутумдун жардамы аркылуу ишкердик ишин жүргүзүүгө тыюу салынат.

6.1.3. Колдонуучу үчүнчү жактардын Колдонуучунун Кирүү кодун пайдалануу менен Төлөөгө буйрутма түзүүгө аракет кылуусун токтотууга жана Колдонуучунун Кирүү кодун, ошондой эле Тутум/Мобилдик тиркеме орнотулган түзүлүшүн үчүнчү жактарга бербөөгө милдеттүү.

6.1.4. Тутумду колдонууда Колдонуучунун Тутумдун программалык камсыздоосуна жана/же анын ар кандай бөлүктөрүнө өз алдынча же үчүнчү жактардын жардамы менен өзгөртүүлөрдү киргизүүсүнө тыюу салынат.

6.1.5. Колдонуучу Тутумдун Операторуна Жеке маалыматтарынын (тагыраагы, фамилиясынын, атынын, атасынын атынын; жашаган дарегинин (убактылуу келген жеринин), өздүгүн тактаган документтердин реквизиттеринин) өзгөргөндүгү тууралуу өз убагында кабарлап турууга милдеттүү.

6.1.6. Колдонуучу Тутумду мыйзамга каршы келген максаттарда же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынган товарлар менен кызматтарды сатып алуу үчүн колдонбоого милдеттүү.

6.1.7. Колдонуучу SIM-картанын жана/же Колдонуучунун Түзүлүшүнүн жоголгондугу/уурдалгандыгы жөнүндө Тутумдун Операторуна кечиктирбестен билдирүүгө милдеттүү.

6.1.8. Төлөм Сатуучунун Төлөмдү бир жолку төлөм жолу менен ишке ашыруу боюнча талабын бузуу аркылуу бир нече төлөмгө бөлүп аткарылган учурда Тутумдун Операторуна төлөмдөрдү бириктирүү жөнүндө жазуу жүзүндө билдирүү.

6.2. Тутумдун Оператору Келишимдин алкагында төмөнкүлөргө болгон укугун сактап калат:

6.2.1. Тутумдун, Тутумдун веб-сайтынын жана Мобилдик тиркеменин каалаган программалык камсыздоосун модификациялоо.

6.2.2. Олуттуу бузулуулар, каталар жана иштен чыгуулар аныкталган учурда, ошондой эле профилактикалык иштерди жүргүзүү жана Тутумга уруксатсыз кирүүнүн алдын алуу максатында Тутумдун иштөөсүн камсыздаган программалык жана/же аппараттык каражаттардын ишин убактылуу токтото туруу.

6.2.3. Эгер электрондук капчык же «Агент» подсистемасынын ID эсеби боюнча 180 (бир жүз сексен) календардык күндүн ичинде финансылык операциялар жүргүзүлбөсө жана/же анда акча каражаттары жок болсо, бир жактуу тартипте тийиштүү капчыкты/ID эсепти жабуу. Тутумдун Оператору 180 (бир жүз сексен) календардык күндүн ичинде финансылык транзакциялар жок болгон учурда бир жылдык тейлөө үчүн Тариф белгилеши мүмкүн. Мындай Тарифтин өлчөмү Оператор тарабынан белгиленет жана Тутумдун веб-сайтына жарыяланат.

6.2.4. Эгер Тутумдун Оператору же тийиштүү мамлекеттик органдар тарабынан Колдонуучулардын Мобилдик тиркеме аркылуу шектүү финансылык операцияларды жүргүзүү фактысы аныкталса, Оператор бир жактуу акцептсиз тартипте тийиштүү чараларды, анын ичинде Мобилдик тиркеме аркылуу төлөмдөрдү жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн

бөгөттөө, ал боюнча ар кандай күмөндүү операцияларды жокко чыгаруу, айрым операцияларды жүргүзүүгө тыюу салуу, акцептсиз тартипте Төлөмдөрдү эсептен чыгарып салуу жана акча каражаттарын баштапкы менчик ээсине кайтаруу сыяктуу тийиштүү чараларды көрүү.

6.2.5. Колдонуучунун Тутумду пайдалануусу Сатуучулардын финансылык коопсуздугуна коркунуч жаратып жатат же жаратышы мүмкүн деп эсептеген учурда, кирүү мүмкүндүгүн чектөө үчүн техникалык зарылдык жана/же Төлөм Тутумунда штаттан тышкары кырдаал келип чыкканда, ликвиддүүлүк коркунучтары, кредиттик/тутумдук/укуктук/юридикалык коркунучтар пайда болгондо, алдын-ала кабар бербей туруп, бир жактуу тартипте Колдонуучунун Тутумду колдонуу мүмкүндүгүн чектөө.

6.2.6. Колдонуучу Кыргыз Республикасынын мыйзам жоболорун, Келишимдин (бул Жалпыга ачык офертанын) шарттарын, Тутумдун веб-сайтына жайгаштырылган Төлөм тутумунун эрежелерин, байланыш кызматтарын көрсөтүү жөнүндө келишимдин шарттарын бузуп жатса, байланыш жабдууларын, байланыш кызматтарын мыйзамсыз түрдө колдонуп жатса, тастыкталбаган Колдонуучу түзүлүшүн жана/же программалык камсыздоону колдонуп жатса, байланыш каражаттарын эксплуатациялоо эрежелерин бузуп жатса, байланыш каражаттарын пайдалануу эрежелерин бузса, Колдонуучуга SMS-билдирүү жана/же Колдонуучунун электрондук почтасына билдирүү, Төлөмдүк тутумдун билдирүүсүн жана/же башка бардык ыкмаларды пайдалануу менен кабарлоо аркылуу Колдонуучунун Тутумду колдонуусун бир жактуу тартипте чектөө;

6.2.7. Колдонуучуга SMS-билдирүү жана/же Колдонуучунун электрондук почтасына билдирүү, Мобилдик тиркемеден билдирүү жана/же башка бардык ыкмалар менен алдын ала кабарлоо аркылуу Тутумдун иштөөсүн токтото туруу.

6.2.8. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда катышуучуларга карата бардык ТИК/ККМК чараларын көрүү.

6.2.9. «О!Деньги» электрондук акчалардын банк-эмитентин түзүлгөн келишимдик мамилелердин негизинде өз алдынча аныктоо.

7. Тараптардын жоопкерчилиги

7.1. Бул Келишим боюнча милдеттерин таптакыр аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн Тараптар Келишимдин шарттарына жана Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдарына ылайык жооп беришет.

7.2. Колдонуучу Төлөөгө буйрутманы туура жолжоболоштургандыгы, Төлөм жүргүзүү үчүн зарыл болгон реквизиттерди (Колдонуучунун Сатуучу менен түзгөн келишиминин номери, Колдонуучу төлөп жаткан Сатуучунун кызматынын/товарынын аталышы, төлөм жүргүзүлүп жаткан Сатуучунун кызмат көрсөтүү мезгили, Колдонуучунун өздүк эсебинин номери, Төлөмдүн суммасы ж.б.) туура көрсөткөндүгү үчүн толук жана милдеттүү жоопкерчилик алат.

7.3. Тутумдун Оператору Колдонуучудан Тутумдун Операторуна байланышпаган себептерден, анын ичинде SIM-картаны жоготуп алууга байланыштуу билдирүү алганга чейин Колдонуучунун ниетин билдирген абалында кабыл алынды деп эсептелет.

7.4. Колдонуучу Тутумдун Операторунан колдонуу мүмкүндүгү Тутумдун Операторуна байланышпаган, анын ичинде жоголгон SIM-картаны пайдалануу жана/же Кирүү кодун

жана/же Колдонуучунун түзүлүшүн башкаларга берген учурларда Тутумдун Оператору тийиштүү билдирүүнү алганга чейин Мобилдик тиркеме аркылуу өткөрүлгөн Төлөмдөрдү кайтаруусун талап кылууга укугу жок.

7.5. Колдонуучу Колдонуучунун түзүлүшүнө орнотулган Мобилдик тиркеме, ошондой эле Колдонуучунун түзүлүшүнө орнотулган тиркемелер менен программалар, же болбосо анын Мобилдик тиркемедеги же Тутумдун веб-сайтындагы идентификациялык/аутентификациялык/авторизациялык маалыматтарын колдонуу аркылуу, ошондой эле Тутумдун Операторуна Колдонуучудан тийиштүү билдирүү келип түшкөнгө чейин Тутумдун Операторуна байланышпаган себептерден улам колдонуу мүмкүндүгүнөн ажыраган учурларда Колдонуучунун атынан жасалган бардык иш-аракеттер үчүн тобокелдер менен жоопкерчиликти өз мойнуна алат.

7.6. Колдонуучу акча каражаттарынын ээлери тарабынан уруксат берилбеген Төлөмдөрдү жүргүзүүнүн натыйжасында келип чыккан бардык тобокелдер менен жоопкерчиликти өз мойнуна алат.

7.7. Оператор келип чыгуусунда Тутумдун Операторунун күнөөсү болбогон техникалык платформалар менен транспорттук түйүндөрдүн же байланыш түйүндөрүнүн иштөөсүндөгү кечигүүлөр менен үзгүлтүккө учуроолордон жооптуу эмес.

7.8. Тутумдун Оператору Колдонуучу тарабынан жеке авторизациялык маалыматтарынын, аутентификациялык маалыматтар камтылган SMS мазмунунун, Кирүү кодунун жана жеке маалыматтарынын жарыяланышынан улам келип чыккан ар кандай зыяндар үчүн жооп бербейт.

7.9. Колдонуучу же Төлөөчү бул Жалпыга ачык офертада жана/же Сатуучулар тарабынан белгиленген талаптар менен шарттарды сактабаган учурда Тутумдун Оператору Төлөмдү өткөрбөй койгондугу үчүн жооп бербейт.

7.10. Тутумдун Оператору Колдонуучуга Сатуучулар тарабынан сатылган товарлар, иштер, кызматтардын сапаты үчүн жооп бербейт.

8. Келишимди түзүү тартиби жана жарамдуулук мөөнөтү

8.1. Бул Келишим Тутумдун Оператору жана Колдонуучунун ортосунда кошулуу келишими формасында (Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодексинин 387-беренеси) түзүлөт.

8.2. Колдонуучу Келишим менен макул экендигин анын шарттары менен Тутумдун веб-сайтынан же Колдонуучунун түзүлүшүнө орнотулган Мобилдик тиркемеден таанышып чыккан соң, «Ырастоо» баскычын басуу же Тутумдун Оператору тарабынан көрсөтүлгөн иш-аракеттерди аткаруу аркылуу тастыктайт.

8.3. Келишимдин шарттарынын акцепти Тутумдун Колдонуучусунун Келишимдин бардык шарттарын эч кандай алып салууларсыз жана/же чектөөлөрсүз толук жана сөзсүз кабыл алганын билдирет жана Тутумду колдонуу жөнүндө эки тараптуу жазуу жүзүндөгү Келишимди түзүү менен барабар.

8.4. Келишим белгисиз мөөнөттүн ичинде жана/же Келишимдин шарттарында жана/же КР аракеттеги мыйзамдарынын ченемдеринде аныкталган негиздер боюнча бузулган учурга чейин жарамдуу.

9. Келишимди өзгөртүү жана бузуу

9.1. Тутумдун Оператору Тутумдун веб-сайтына өзгөртүүлөрдү жарыялоо жолу менен Келишимди бир жактуу тартипте өзгөртүү укугуна ээ. Өзгөртүүлөр жарыялап жатканда кошумча башка мөөнөт каралбаган учурда, жарыяланган учурдан баштап күчүнө кирет. Колдонуучу Келишимдин шарттарынын өзгөртүлүшүнө макул болбогон учурда Келишимди аткаруудан баш тартууга укуктуу.

9.2. Келишимге өзгөртүүлөр киргизилгенден кийин Колдонуучу тарабынан Тутумдун колдонулушун Тараптар бардык өзгөртүүлөр менен макул болуу катары кабыл алышат.

9.3. Тутумдун Оператору Колдонуучуга болжолдуу Келишимди бузуу күнүнө чейин 10 (он) календардык күндөн кеч эмес мөөнөттө алдын ала билдирүү менен сотко кайрылбастан, бул Келишимди аткаруудан бир жактуу тартипте баш тартууга укуктуу. Тутумдун Оператору мындай билдирүүнү Тутумдун каражаттары аркылуу жөнөтүүгө укуктуу. Келишим аталган билдирүү жөнөтүлгөндөн кийин 10 (он) календардык күн өткөн соң токтотулду деп эсептелет.

9.4. Абоненттик номер деактивацияланган жана/же Колдонуучу менен байланыш кызматтарын көрсөтүү жөнүндө келишим токтотулган учурда Тутумдун Оператору Офертанын 9.3-пунктунда белгиленген мөөнөттөр менен шарттарды сактабай туруп, бул Келишимди аткаруудан бир жактуу баш тартуу укугуна ээ болот.

9.5. Колдонуучу Тутумдун Операторуна төлөнбөгөн карыздары болгон учурлар же Төлөмдөрдү Мобилдик тиркемеден өткөрүү бул Келишимде белгиленген себептерден улам бөгөттөлгөн учурлардан тышкары, бардык каалаган учурда Тутумдун Операторуна Келишимди бузуунун болжолдуу күнүнө чейин 10 (он) календардык күндөн кеч эмес мөөнөттө бул тууралуу билдирүү менен Келишимди аткаруудан баш тартууга укуктуу.

9.6. Келишим бул Келишимде жана/же Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдарында белгиленген башка себептер боюнча токтотулушу мүмкүн.

10. Жеке маалыматтар менен иштөө

Мобилдик тиркемени көчүрүп, орноткондон кийин Идентификатор сыпатында телефон номерин киргизип, жеке маалыматтарды топтоого, иштеп чыгууга, сактоого жана өткөрүүгө макулдуктун текстине берилген шилтеменин астында жайгашкан «Улантуу» баскычын басуу менен, киргизилген телефон номерине SMS-билдирүү менен келген каттоо үчүн кодду киргизген соң, «Улантуу» баскычын басуу аркылуу Колдонуучу идентификациядан өтүү жана Келишимди аткаруу учурунда берилген жеке маалыматтарынын КР «Жеке маалыматтар жөнүндө» Мыйзамына ылайык топтолушуна, иштелип чыгышына, сакталышына жана өткөрүлүшүнө, ошондой эле транс чек аралык өткөрүү кошулуп, үчүнчү жактарга төмөнкү максаттарда өткөрүлүшүнө макулдугун берет:

10.1. тизмеси «Мой О!» мобилдик тиркемесинде берилген мамлекеттик же муниципалдык кызматтарды көрсөтүү максатында,

10.2. банктык кызматтар кошулуп, Мобилдик тиркемеден жеткиликтүү болгон башка кызматтарды көрсөтүү максатында;

10.3. Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарында белгиленген процедуралар боюнча идентификациядан өткөрүү максатында;

10.4. жеке маалыматтар менен иштөөнү укуктук жөнгө салуу жаатындагы мыйзамдарга каршы келбеген башка максаттарда.

10.5. Бул макулдук Мобилдик тиркеме аркылуу кызматтар көрсөтүлгөн, жана көрсөтүлгөн кызматтар жөнүндө маалыматтар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык сакталган мөөнөт бою жарамдуу.

10.6. Тутумдун Оператору Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Колдонуучулардын жеке маалыматтарынын конфиденциалдуулугун сактоого, Колдонуучулардын жеке маалыматтарына мыйзамсыз же кокустан ээ болуу, аларды жок кылуу, өзгөртүү, бөгөттөө, көчүрмөлөө, башкаларга өткөрүү, жайылтуу коркунучунан жана аларга карата башка мыйзамсыз иш-аракеттерден коргоо үчүн керектүү укуктук, уюштуруу жана техникалык чараларды көрүүгө милдеттенет.

10.7. Колдонуучу Тутумдун Оператору жана электрондук акчалардын банк-эмитенти электрондук акчалардын эмитентинин функцияларын/электрондук акчаларды төлөө боюнча милдеттенмелерди Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген талаптарга ылайык башка банк-эмитентке өткөрүп берүүгө укуктуу экендигин тастыктайт жана ага макул болот.

11. Конфиденциалдуулук

11.1. Тутумдун Оператору Колдонуучунун Тутумду колдонуусуна байланыштуу өзүнө белгилүү болгон маалыматтарынын конфиденциалдуулугун сактоого милдеттүү. Ал эми мындай конфиденциалдуулук маалыматтар төмөнкү мүнөзгө ээ болгон учурларда сакталбайт:

11.1.1. жалпыга жеткиликтүү;

11.1.2. Колдонуучунун талабы же уруксатынын негизинде маалым болгон;

11.1.3. Тутумдун Катышуучуларына Келишимди аткаруу үчүн зарыл болгон көлөмдө берилиши керек болгон;

11.1.4. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган негиздер боюнча, же кредиттик уюмдардын, соттун же ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын тийиштүү сурамдарынын негизинде белгилүү болушу талап кылынган;

11.1.5. Келишимде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка учурлар.

12. Форс-мажор

12.1. Эгер милдеттерин аткарбоо Келишимди түзгөндөн кийин Тараптардын бири дагы алдын ала билбеген, акылга сыярлык чаралар менен алдын ала жоюу мүмкүн болбогон өзгөчө кырдаал мүнөзүндөгү окуялардын натыйжасында жеңилгис күчтүн кесепети (форс-мажор) болуп саналса, ар бир Тарап Келишим боюнча милдеттерин таптакыр аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн жоопкерчиликтен бошотулат.

12.2. Жеңилгис күчтүн таасирине кабылган Тарап көрсөтүлгөн окуялар болгон күндөн кийинки күндөн кеч эмес мезгилдин ичинде бул жөнүндө экинчи Тарапка маалымдоого милдеттүү. Мында Келишимдин иштөө мөөнөтү мындай окуялардын жарамдуу мөөнөтүнө, бирок жеңилгис күчтүн жагдайы жаралган күндөн тартып 2 (эки) айдан көп эмес мөөнөткө убактылуу токтотулат, андан кийин бул Келишим бузулду деп эсептелет, ал эми Келишим боюнча милдеттер мындай күчтүн таасири токтогондон кийин аткарылууга тийиш.

13. Дооматтарды карап чыгуу жана талаш-тартыштарды чечүү тартиби

13.1. Тутумдун Оператору Кызматтарды таптакыр аткарбаган же талаптагыдай аткарбаган учурда, Колдонуучу сотко кайрылганга чейин Операторго талаш-тартыштарды сотко чейин чечүү тартибинде жазуу жүзүндө доомат коюуга милдеттүү.

13.2. Дооматтар кызмат көрсөтүлгөн же кызмат көрсөтүүдөн баш тартылган күндөн тартып 3 айдын ичинде коюлууга тийиш.

13.3. Доомат Тутумдун Оператору тарабынан доомат катталган күндөн тартып 60 (алтымыш) календардык күндү ашпаган мөөнөттүн ичинде каралып чыгат.

13.4. Доомат толугу менен же жарым-жартылай четке кагылган, же дооматты карап чыгуу үчүн белгиленген мөөнөттүн ичинде жооп ала албаган учурда Колдонуучу сотко доо арыз менен кайрылууга укуктуу. Тутумдун Оператору менен Колдонуучунун ортосундагы бардык талаш-тартыштардын аймактык соттун текшерүүсүнө тиешелүүлүгү Тутумдун Операторунун жайгашкан жери боюнча Кыргыз Республикасынын Жарандык-процессуалдык кодексинин 37-беренесине ылайык аныкталат. Ошону менен бирге эле, Колдонуучу соттук териштирүүдө расмий (орус) тил колдонула турганын кабыл алат.

*«Грин Телеком Сервис» ЖЧКнун*
*«О!Деньги» Тутумун колдонуу*
*жөнүндө Жалпыга ачык*
*офертасынын*
*1-тиркемеси*

**Ишкердик ишин жүргүзүүгө байланыштуу төлөмдөрдү кабыл алуу үчүн «О!Деньги» Тутумун колдонуу жөнүндө Жалпыга ачык оферта (келишим түзүү жөнүндө сунуш)**

Бул Жалпыга ачык оферта (мындан ары - **«Оферта»**) мындан ары **«Тутумдун Оператору»** деп атала турган «Грин Телеком Сервис» жоопкерчилиги чектелеген коомунун (КР Улуттук банкынын лицензиялары: 2017-жылдын «03»-августундагы №2021030817 жана №3022030817, дареги: Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Абдрахманов көчөсү, 170/2 үй, блок 2) 18 (он сегиз) жашка толгон жана ишкердик ишин жүргүзгөн, ошондой эле жеке ишкер сыпатына ээ болгон иш-аракетке жарамдуу жеке жак менен ишкердик ишин жүргүзүүгө байланыштуу төлөмдөрдү кабыл алуу боюнча Тутумду колдонууга келишим түзүү жөнүндө жалпыга ачык сунушу болуп саналат.

Ишкердик ишин жүргүзүүгө байланыштуу төлөмдөрдү кабыл алуу боюнча Тутумду колдонуу жөнүндө келишим (мындан ары текст боюнча **«Келишим»**) бизнес колдонуучусу жеке ишкерлерди идентификациядан өткөрүү боюнча мыйзамдарда белгиленген тартипте идентификациядан ийгиликтүү өткөн жана бул Офертада белгиленген бардык шарттарды эч бир алып салуусуз жана чектөөсүз кабыл алган учурдан тартып түзүлдү деп эсептелет жана кошулуу келишиминин күчүнө ээ болот.

Жеке ишкер өзү жүргүзгөн ишкердик иши боюнча төлөмдөрдү кабыл алганга чейин милдеттүү түрдө таанышып чыгуусу үчүн Офертанын аракеттеги редакциясы О!Деньги» тутумун колдонуу жөнүндө жалпыга ачык офертанын 1-тиркемеси катары «Мой О!» мобилдик тиркемесинде жана Тутумдун Операторунун http://www.dengi.kg интернет-сайтында жайгашкан. Жеке ишкерлер бул Оферта боюнча кошумча маалымат, О!Деньги тутумун колдонуу, Келишимди бузуу, Тутумдун операторунун кызматтары үчүн Тарифтер жөнүндө маалымат менен Тутумдун Операторунун http://www.dengi.kg веб-сайтынан тааныша алат.

14. Бул Офертада колдонулган терминдер жана аныктамалар:

**Бизнес колдонуучу** – көрсөткөн кызматтары/аткарган иштери/саткан товарлары үчүн Төлөмдөрдү бул Офертанын шарттарына ылайык электрондук бизнес капчыгына кабыл алган жеке ишкер.

**Төлөөгө буйрутма** – Төлөөчү же Колдонуучу тарабынан Бизнес колдонуучунун пайдасынаТөлөм жасоо үчүн Оператордун дарегине так билдирилген жана тийиштүү түрдө жолжоболоштурулган тапшырмасы.

**Төлөөчү** – Төлөмдү төлөөгө буйрутма берген Колдонуучу же Колдонуучунун акчага байланыштуу милдеттерин аткаруу максатында Тутум аркылуу Төлөмдү ишке ашырган башка киши.

**Электрондук бизнес капчык** – ичинде электрондук акчалардын суммасы жана алардын Бизнес колдонуучуга таандыктыгы боюнча маалымат камтылган программалык камсыздоо же башка программалык-техникалык түзүлүш түрүндөгү электрондук акчаларды сактагыч. Электрондук бизнес капчыкты колдонуу шарттары, анын ичинде лимиттер менен

чектөөлөр, юридикалык жактар менен жеке ишкерлердин электрондук акчаларды колдонуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдарында белгиленген.

Төмөнкү текстте орун алган калган терминдер менен аныктамалар «О!Деньги» Тутумун колдонуу жөнүндө жалпыга ачык офертада оурн алган терминдер менен аныктамаларга дал келет.

15. Келишимдин предмети

Бул Келишим Бизнес колдонуучу жүргүзгөн ишкердик ишинин алкагында көрсөткөн кызматтар/иштер/товарлар үчүн төлөмдөрдү кабыл алуу максатында «О!Деньги» Төлөм Тутумун колдонуу шарттары менен тартибин белгилейт.

16. Төлөмдүн баасы жана тартиби

16.1. Тутумдун Оператору Бизнес колдонуучудан Тариф алууга укуктуу. Тарифтердин өлчөмдөрү, негиздер, Колдонуучу тарабынан төлөө шарттары жана мезгили бул Офертанын 1-тиркемесинде көрсөтүлгөн.

16.2. Бизнес колдонуучунун Тарифи Төлөмдүн суммасына кошулат.

16.3. Бизнес колдонуучу электрондук бизнес капчыкта сакталган, тизмеси бизнес капчык үчүн жеткиликтүү лимиттердин алкагында Мобилдик тиркеменин каталогунда орун алган башка Бизнес колдонуучулардын жана товарлар менен кызматтардын сатуучуларынын пайдасына төлөнө турган электрондук акчаларды пайдаланууга укуктуу. Мында Бизнес колдонуучу менен Тутумдун Операторунун ортосундагы Бизнес колдонуучу тарабынан төлөмдүн ишке ашырылышы боюнча мамилелери Келишимдин (Тутумдун веб-сайтында жайгашкан «О!Деньги» Тутумун колдонуу жөнүндө жалпыга ачык офертанын) шарттарында аныкталган.

16.4. Тутумдун Оператору Тарифтерди бир жактуу тартипте толугу менен же жарым-жартылай өзгөртүүгө (көбөйтүүгө же азайтууга), жаңыларын белгилөөгө, аракеттеги Тарифтерди жоюуга укуктуу. Муну менен бирге, жаңы өзгөртүүлөр алар Тутумдун веб-сайтына жарыяланган күндөн тарта күчүнө кирет.

17. Тутумдуу колдонуу тартиби

17.1. Мобилдик тиркемеге же Тутумдун веб-сайтына кирүүдө Колдонуучуну авторлоштуруу үчүн Кирүү коду же Бизнес колдонуучунун бармак изи колдонулат.

17.2. Бизнес колдонуучу өзүнүн Кирүү кодунун/шартбелгисинин колдонулушу жана/же аныктыгы, Тутумдун Операторуна жөнөткөндөн кийин Төлөөгө буйрутмага же башка документке өзгөртүүлөрдү киргизүү фактысы, Оператордун Төлөөгө буйрутманы алуу фактысы боюнча Тутумдун Операторуна доомат койгон учурда, Колдонуучу дооматка жогоруда белгиленген фактылардын орун алгандыгына карата тийиштүү далилдерди тиркөөгө милдеттүү. Далилдер жетиштүү болгон учурда Тутумдун Оператору Тутумду пайдаланып, аталган фактыларды текшерип чыгат да, коюлган дооматтын негиздүүлүгү боюнча чечим чыгарат.

17.3. Бизнес колдонуучунун ишкердик ишин жүргүзүүсүнө байланыштуу Төлөмдөрдү эсепке киргизүү үчүн Төлөөчү же Колдонуучу Тутумдун Операторуна «О!Деньги» тутумун

колдонуу жөнүндө жалпыга ачык офертада жана/же Терминалдык түйүндү колдонуу жөнүндө жалпыга ачык офертада белгиленген тартипте Төлөөгө буйрутманы тапшырат.

17.4. Төлөөчүнүн же Колдонуучунун Бизнес колдонуучунун пайдасына Төлөмдү ишке ашыруусу үчүн буйрутманы Оператор төмөнкү учурларда аткарбайт:

17.4.1. Төлөөчү же Бизнес колдонуучу тарабынан бул Келишимдин 5-бөлүмүндө белгиленген чектөөлөр сакталбаганда;

17.4.2. Кызматты көрсөтүү техникалык жактан мүмкүн болбогон учурда;

17.4.3. Төлөмдүн Операторунда Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдарында тыюу салынган же аларга каршы келген операциялардын аткарылышы боюнча шектенүүлөр жаралганда; Бизнес колдонуучуда интернетке кирүү мүмкүндүгү убактылуу жок болгондо же Төлөм тутуму жана/же Тутумдун Оператору менен байланыш жок болгондо. Мында тийиштүү мүмкүнчүлүк бар болсо, Төлөөгө буйрутма (буйрутмалар) байланыш же интернет көйгөйлөрү чечилген соң аткарылат. Бул абалда Колдонуучунун Төлөөгө буйрутманы кайра жиберүүсүнө зарылдык болбойт. Тутумдун Операторуна Колдонуучунун Төлөмдөрдү өзүнө таандык эмес кошулган банктык картадан жүргүзгөндүгү тууралуу маалымат келип түшкөндө, Колдонуучу Тутумдун Операторуна өзү ээси болбогон акча каражаттарын которуу жөнүндө буйрутма бергенде же болбосо мындай буйрутма акча каражаттарынын ээси тарабынан санкцияланбаган учурда;

17.4.4. террордук ишмердүүлүктү каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди мыйзамдаштырууга (изин жашырууга) каршы күрөшүү боюнча мыйзамдарда каралган учурларда.

17.5. Төлөөгө буйрутма ийгиликтүү аткарылган учурда Тутумдун Оператору Бизнес колдонуучуга Төлөмдүн ишке ашырылгандыгы тууралуу SMS-билдирүү жана/же Колдонуучунун электрондук почтасына жиберилген билдирүү жана/же Төлөм тутумунун билдирүүсү, ошондой эле Тутумда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бардык реквизиттерди камтыган электрондук документти түзүү аркылуу маалымат берет.

17.6. Тутумдун Оператору Колдонуучудан же Төлөөчүдөн Бизнес колдонуучунун пайдасына Төлөөгө буйрутманы ишке ашыруу боюнча милдеттерин Төлөмдүн суммасы Төлөөчүнүн же Колдонуучунун көрсөтүлгөн булагынан алынып, Бизнес капчыктын калдыгы төлөмдүн суммасына көбөйгөн учурдан тартып толугу менен аткарды деп эсептелет.

17.7. Акча каражаттары төмөнкү себептер боюнча кайтарылышы мүмкүн:

17.7.1. Колдонуучуга же Төлөөчүгө акча каражаттарынын кайтарылып берилишинин тартиби менен ыкмаларын Бизнес колдонуучу, Колдонуучу жана/же Төлөөчү өз алдынча аныктап алышат. Акча каражаттарынын кайтарылып берилбешине байланыштуу талаш-тартыштар Тутумдун Операторун катыштырбастан чечилүүгө тийиш. Тутумдун Оператору жагдайга жараша, тийиштүү кайрылуунун негизинде Бизнес колдонуучуга да, Колдонуучуга жана/же Төлөөчүгө да көмөк көрсөтүүгө укуктуу. Бул абалда Тутумдун Оператору Бизнес колдонуучудан, Колдонуучудан жана/же Төлөөчүдөн жазуу жүзүндө кайрылуу берүүсүн талап кыла алат;

17.7.2. Жокко чыгарылган (жаңылыш) Төлөмдөрдүн суммасы мурда жаңылыштык менен же техникалык каталардан улам өткөрүлгөн Төлөмдү жокко чыгарууга байланыштуу

Тутумдун Операторунун же Тутумдун башка катышуучусунун демилгеси менен кайтарылат.

18. Тутумду колдонууга карата чектөөлөр (өзгөчөлүктөр)

18.1. Келишимдин бул 5-бөлүмүндө тизмектелген Тутумду колдонууга карата чектөөлөр (өзгөчөлүктөр) Тутумду колдонуу кызматын талаптагыдай эмес көрсөтүү кырдаалы болуп саналбайт жана Бизнес колдонуучунун Тарифти төлөөдөн баш тартуусу үчүн негиз болуп саналбайт.

18.2. Оператор тобокелдерди ички баалап чыгуунун натыйжалары боюнча кээ бир Бизнес колдонуучулардын пайдасына же айрым кызмат түрлөрү боюнча бир жолку Төлөмдүн максималдуу суммасын, ошондой эле суткасына жана айына төлөнчү Төлөмдөрдүн жалпы суммасын өз алдынча азайтуу укугуна ээ.

18.3. Тутумдун Оператору Оператору Төлөмдүн өткөрүлүшүн акцептсиз бир жактуу тартипте токтотууга жана аларды «О!Деньги» тутумун колдонуу жөнүндө жалпыга ачык офертанын 4.10.8-пунктунда сыпатталган учурлардын натыйжасында пайда болгон карыздардын же милдеттердин төлөнүшүнө багыттоого укуктуу.

19. Тараптардын укуктары жана милдеттери

19.1. Бизнес колдонуучунун милдеттери:

19.1.1. Жеке ишкерлик макамын тастыктаган документтерди, ошондой эле талап кылынган учурда Бизнес колдонуучунун ишкердик ишин жүргүзгөндүгүн тастыктаган документтерди берүү;

19.1.2. идентификациядан өтүү учурунда чындыкка дал келген маалыматтарды берүү;

19.1.3. Кирүү коддорунун үчүнчү жактар тарабынан колдонулушуна жол бербөө жана Кирүү коддорун башкаларга бербөө;

19.1.4. Тутумду колдонууда Бизнес колдонуучунун Тутумдун программалык камсыздоосуна жана/же анын кайсы бир бөлүгүнө өз алдынча же үчүнчү жактарды тартуу менен кандайдыр бир өзгөртүүлөрдү киргизүүсүнө тыюу салынат.

19.1.5. Бизнес колдонуучу Тутумдун Операторуна Жеке маалыматтарынын (тагыраагы, фамилиясынын, атынын, атасынын атынын; жашаган дарегинин (убактылуу келген жеринин), өздүгүн тактаган документтердин реквизиттеринин), ошондой эле жеке ишкердигин тастыктаган маалыматтардын өзгөргөндүгү тууралуу өз убагында кабарлап турууга милдеттүү.

19.1.6. Бизнес колдонуучу Тутумду мыйзамга каршы келген максаттарда же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынган товарлар менен кызматтарды сатып алуу үчүн колдонбоого милдеттүү.

19.1.7. Бизнес колдонуучу SIM-картанын жана/же Колдонуучунун Түзүлүшүнүн жоголгондугу/уурдалгандыгы жөнүндө Тутумдун Операторуна кечиктирбестен билдирүүгө милдеттүү.

19.1.8. Бизнес колдонуучу ТИК/ККМК чараларынын алкагында операциялар кошулуп, шек жараткан бардык операцияларды каттап, алар тууралуу дароо Тутумдун Операторуна кабарлоого милдеттүү.

19.2. Тутумдун Оператору Келишимдин алкагында төмөнкүлөргө болгон укугун сактап калат:

19.2.1. Тутумдун, Тутумдун веб-сайтынын жана Мобилдик тиркеменин каалаган программалык камсыздоосун модификациялоо.

19.2.2. Олуттуу бузулуулар, каталар жана иштен чыгуулар аныкталган учурда, ошондой эле профилактикалык иштерди жүргүзүү жана Тутумга уруксатсыз кирүүнүн алдын алуу максатында Тутумдун иштөөсүн камсыздаган программалык жана/же аппараттык каражаттардын ишин убактылуу токтото туруу.

19.2.3. Эгер электрондук бизнес капчык боюнча 180 (бир жүз сексен) календардык күндүн ичинде финансылык операциялар жүргүзүлбөсө жана/же анда акча каражаттары жок болсо, Оператор бир жактуу тартипте тийиштүү капчыкты жаап коюуга укуктуу. Оператор 180 (бир жүз сексен) календардык күндүн ичинде финансылык транзакциялар жок болгон учурда бир жылдык тейлөө үчүн Тариф белгилеши мүмкүн. Комиссиянын өлчөмү Оператор тарабынан белгиленет жана Тутумдун веб-сайтына жарыяланат.

19.2.4. Эгер Тутумдун Оператору же тийиштүү мамлекеттик органдар тарабынан Бизнес колдонуучулардын электрондук капчыктар боюнча шектүү финансылык операцияларды жүргүзүү фактысы аныкталса, Оператор бир жактуу акцептсиз тартипте тийиштүү чараларды көрүүгө, анын ичинде Бизнес колдонуучу үчүн Мобилдик тиркемени бөгөттөөгө, ал боюнча ар кандай күмөндүү операцияларды жокко чыгарууга, айрым операцияларды жүргүзүүгө тыюу салууга, акча каражаттарын баштапкы менчик ээсине кайтарууга, ошондой эле териштирүүнүн натыйжасы боюнча тийиштүү капчыкты жаап салууга укуктуу.

19.2.5. Бизнес колдонуучунун Тутумду пайдалануусу Сатуучулардын финансылык коопсуздугуна коркунуч жаратып жатат же жаратышы мүмкүн деп эсептеген учурда Бизнес колдонуучунун Тутумду колдонуу мүмкүндүгүн бир жактуу тартипте чектөөгө укуктуу.

19.2.6. Тутумдун Операторуна Колдонуучунун Төлөмдөрдү өзү ээлик кылбаган башка кошулган карта аркылуу жүргүзгөндүгү тууралуу маалымат келип түшкөндө, же болбосо Колдонуучу Тутумдун Операторуна өзү ээ болбогон акча каражаттарын которууга буйрутма берген же мындай буйрутмалар акча каражаттарынын ээси тарабынан сакцияланбаган учурларда Тутумдун Оператору төлөмдөрдү кабыл алууну, Бизнес колдонуучунун капчыгына өткөрүүнү чектөөгө жана/же токтотууга укуктуу;

19.2.7. Тутумдун Оператору Бизнес колдонуучу Кыргыз Республикасынын мыйзам жоболорун, “О!Деньги” тутумун колдонуу жөнүндө жалпыга ачык офертанын, бул Келишимдин шарттарын, Тутумдун веб-сайтына жайгаштырылган Төлөм тутумунун эрежелерин, байланыш кызматтарын көрсөтүү жөнүндө келишимдин шарттарын бузуп жатса, байланыш жабдууларын мыйзамсыз түрдө колдонуп жатса, тастыкталбаган Колдонуучу түзүлүшүн жана/же программалык камсыздоону колдонуп жатса, Колдонуучуга SMS-билдирүү жана/же Колдонуучунун электрондук почтасына билдирүү, Төлөмдүк тутумдун билдирүүсүн жана/же башка бардык ыкмаларды пайдалануу менен

кабарлоо аркылуу Бизнес колдонуучунун Тутумду колдонуусун бир жактуу тартипте чектөөгө укуктуу.

19.2.8. Тутумдун Оператору Колдонуучуга SMS-билдирүү жана/же Колдонуучунун электрондук почтасына билдирүү, Мобилдик тиркемеден билдирүү жана/же башка бардык ыкмалар менен алдын ала кабарлоо аркылуу Тутумдун иштөөсүн токтото турууга укуктуу.

19.2.9. Тутумдун Оператору Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда катышуучуларга карата бардык ТИК/ККМК чараларын көрүүгө укуктуу.

20. Тараптардын жоопкерчилиги

20.1. Бул Келишим боюнча милдеттерин таптакыр аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн Тараптар Келишимдин шарттарына жана Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдарына ылайык жооп беришет.

20.2. Бизнес колдонуучу Төлөөгө буйрутманы туура жолжолоштургандыгы, Төлөм жүргүзүү үчүн зарыл болгон реквизиттерди туура көрсөткөндүгү, ошондой эле Төлөмдү өткөрүүдөгү чектөөлөр менен лимиттер боюнча туура маалымат бергендиги үчүн толук жана милдеттүү жоопкерчилик алат.

20.3. Бизнес колдонуучу Бизнес колдонуучунун түзүлүшүнө орнотулган жана Тутумдун Операторуна байланышпаган себептерден улам колдонууга мүмкүн болбой калган Мобилдик тиркеме аркылуу үчүнчү жактар тарабынан жасалган бардык иш-аракеттери үчүн тобокелдер менен жоопкерчиликти өз мойнуна алат. Ошондой эле, Бизнес колдонуучу анын түзүлүшүнө орнотулган тиркемелер менен программалар, же болбосо анын Мобилдик тиркемедеги же Тутумдун веб-сайтындагы идентификациялык/аутентификациялык/авторизациялык маалыматтарын колдонуу аркылуу үчүнчү жактар тарабынан жасалган бардык иш-аракеттер үчүн, ошондой эле Тутумдун Операторуна Колдонуучудан тийиштүү билдирүү келип түшкөнгө чейин Тутумдун Операторуна байланышпаган себептерден улам колдонуу мүмкүндүгүнөн ажыраган учурларда жоопкерчиликти өз мойнуна алат.

20.4. Оператор келип чыгуусунда Тутумдун Операторунун күнөөсү болбогон техникалык платформалар менен транспорттук түйүндөрдүн же байланыш түйүндөрүнүн иштөөсүндөгү кечигүүлөр менен үзгүлтүккө учуроолордон улам Бизнес колдонуучунун алдында жооп бербейт.

20.5. Тутумдун Оператору Бизнес колдонуучу тарабынан жеке авторизациялык маалыматтарынын, аутентификациялык маалыматтар камтылган SMS мазмунунун, Кирүү кодунун жана жеке маалыматтарынын жарыяланышынан улам келип чыккан Бизнес колдонуучу тарткан ар кандай зыяндар үчүн жооп бербейт.

21. **Келишимди түзүү тартиби жана жарамдуулук мөөнөтү**

21.1. Бул Келишим Тутумдун Оператору жана Бизнес колдонуучунун ортосунда кошулуу келишими формасында (Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодексинин 387-беренеси) түзүлөт.

21.2. Келишимдин акцепти анын шарттары менен Тутумдун веб-сайтынан же Колдонуучунун түзүлүшүнө орнотулган Мобилдик тиркемеден таанышып чыккан соң,

«Ырастоо» баскычын басуу же Тутумдун Оператору тарабынан көрсөтүлгөн иш-аракеттерди аткаруу аркылуу жүзөгө ашат.

21.3. Келишимдин шарттарынын акцепти Келишимдин бардык шарттарынын эч кандай алып салууларсыз жана/же чектөөлөрсүз толук жана сөзсүз кабыл алынганын билдирет жана Тутумду колдонуу жөнүндө эки тараптуу жазуу жүзүндөгү Макулдашууну түзүү менен барабар.

21.4. Келишим белгисиз мөөнөттүн ичинде жана/же Келишимдин шарттарында жана/же КР аракеттеги мыйзамдарынын ченемдеринде аныкталган негиздер боюнча бузулган учурга чейин жарамдуу.

22. **Келишимди өзгөртүү жана бузуу**

22.1. Тутумдун Оператору Тутумдун веб-сайтына өзгөртүүлөрдү жарыялоо жолу менен Келишимди бир жактуу тартипте өзгөртүү укугуна ээ. Өзгөртүүлөр жарыялап жатканда кошумча башка мөөнөт каралбаган учурда, жарыяланган учурдан баштап күчүнө кирет. Бизнес колдонуучу Келишимдин шарттарынын өзгөртүлүшүнө макул болбогон учурда Келишимди аткаруудан баш тартууга укуктуу.

22.2. Келишимге өзгөртүүлөр киргизилгенден кийин Бизнес колдонуучу тарабынан Тутумдун колдонулушун Тараптар бардык өзгөртүүлөр менен макул болуу катары кабыл алышат.

22.3. Тутумдун Оператору Колдонуучуга болжолдуу Келишимди бузуу күнүнө чейин 10 (он) календардык күндөн кеч эмес мөөнөттө алдын ала билдирүү менен сотко кайрылбастан, бул Келишимди аткаруудан бир жактуу тартипте баш тартууга укуктуу. Тутумдун Оператору мындай билдирүүнү Тутумдун каражаттары аркылуу жөнөтүүгө укуктуу. Келишим аталган билдирүү жөнөтүлгөндөн кийин 10 (он) календардык күн өткөн соң токтотулду деп эсептелет.

22.4. Бизнес колдонуучу Тутумдун Операторуна төлөнбөгөн карыздары болгон учурлардан тышкары, бардык каалаган учурда Тутумдун Операторуна Келишимди бузуунун болжолдуу күнүнө чейин 10 (он) календардык күндөн кеч эмес мөөнөттө бул тууралуу билдирүү менен сотко кайрылбастан Келишимди аткаруудан баш тартууга укуктуу.

22.5. Келишим бул Келишимде жана/же Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдарында белгиленген башка себептер боюнча токтотулушу мүмкүн.

*Ишкердик ишин жүргүзүүгө байланыштуу төлөмдөрдү*
*кабыл алуу үчүн «О!Деньги» тутумун колдонуу жөнүндө жалпыга ачык офертанын*
*1-тиркемеси*

Бизнес колдонуучу үчүн тариф

| Төлөмдүн суммасына карата тарифтин өлчөмү |
| --- |
| 0 |

*«Грин Телеком Сервис» ЖЧКнын «О!Деньги» Тутумун колдонуу жөнүндө Жалпыга ачык офертасынын 2-тиркемеси*

**«О!ДЕНЬГИ» ЭЛЕКТРОНДУК КАПЧЫГЫН ПАЙДАЛАНУУ МҮМКҮНЧҮЛҮГҮН КАМСЫЗ КЫЛГАН КАРТАСЫН КОЛДОНУУ МЕНЕН КАРТАЛЫК ОПЕРАЦИЯЛАРДЫ ЖҮРГҮЗҮҮДӨ «О!ДЕНЬГИ» ТУТУМУН КОЛДОНУУ ЖӨНҮНДӨ**

**ЖАЛПЫГА АЧЫК ОФЕРТА (КЕЛИШИМ ТҮЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ СУНУШ)**

Бул «О!Деньги» электрондук капчыгын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картасын колдонуу менен карталык операцияларды жүргүзүүдө «О!Деньги» Тутумун колдонуу жөнүндө Жалпыга ачык оферта (келишим түзүү жөнүндө сунуш) жеке жактарга даректелген, «О!Деньги» электрондук капчыгын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картасын колдонуу менен карталык операцияларды жүргүзүүдө «О!Деньги» Тутумун колдонуу жөнүндө келишимди түзүүгө Оператордун расмий жалпыга ачык сунушу болуп саналат, «Атайын жөнгө салуу режими жөнүндө» Жобого ылайык атайын жөнгө салуу режиминин алкагында банктык операцияларды жүргүзүү укугуна Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2022-жылдын 22-октябрындагы №7003201022 лицензиясына ылайык, жана Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодексинин 398-беренесинин 2 бөлүгүнө ылайык, кармоочусуна төлөмдөрдү жүргүзүүгө, нак акча алууга жана Оператор тарабынан аныкталган башка операцияларды жүргүзүүгө мүмкүндүк берген «О!Деньги» электрондук капчыгын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картасын Колдонуучуга-жеке жакка берүү тартибин аныктаган төмөндө көрсөтүлгөн шарттарда Оператор менен «О!Деньги» электрондук капчыгын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган карталарын чыгаруу, «О!Деньги» электрондук капчыгын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картасын колдонуу менен карталык операцияларды жүргүзүү келишимин (мындан ары - Келишим) түзүүгө «Грин Телеком Сервис» ЖЧКнын сунушу болуп саналат.

Бул Офертада каралган шарттарда, Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодексинин 394-беренесине, 395-беренесинин 3-пунктуна ылайык Оператордун формасы боюнча «О!Деньги» электрондук капчыгын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картасын чыгарууга талаптагыдай толтурган жана кол тамгасын койгон Колдонуучунун Арызын Оператор алган учурдан тартып жана/же www.dengi.kg сайтында жана/же «Мой О!» мобилдик тиркемесинде жарыяланган Оператордун электрондук кол тамгасын таануу жана колдонуу жөнүндө Оператордун ички ченемдик актыларында жана бул Офертада каралган тартипте бул Офертаны кабыл алуу (Акцепт) жөнүндө жоопту Оператор алган учурдан тартып Келишим түзүлдү деп саналат, бул болсо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына жана Оператордун ички ченемдик документтерине ылайык банктык тейлөө үчүн керектүү документтерди/маалыматты Колдонуучу берген шартта Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодексинин 399-чу, 402-беренелерине ылайык бул Офертанын толук жана кынтыксыз акцептисин, Оператордун www.dengi.kg сайтында жана/же «Мой О!» мобилдик тиркемесинде жайгаштырылган бул Офертанын бардык шарттарын Колдонуучу кабыл алгандыгын билдирет.

Бул Келишимге кошулуп жатып Колдонуучу бул шарт менен төмөнкү тууралуу кабарланат: КРУБдун №7003201022 мөөнөттүү Лицензиясына ылайык «Грин Телеком Сервис» ЖЧКсы атайын жөнгө салуучу режимдин алкагында виртуалдык карталардын жана/же физикалык алып жүрүүчүдөгү карталардын формасындагы «О!Деньги» электрондук капчыктарын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган төлөм карталарын чыгарууга (эмиссиялоого)

кызмат көрсөтүүнү жана банктык операцияны тестирлөөнү жүргүзүүгө укуктуу. КРУБдун тестирлөөнү токтотуу тууралуу чечимин/кабарламасын алган учурда Оператор тестирлөөнүн алкагындагы жүргүзүлүүчү операцияларды ишке ашырууну токтотууга укуктуу, ошондой эле Колдонуучуларга Тестирлөө кызматтарын көрсөтүүнү токтотуу боюнча чараларды кошумча аныктоого укуктуу.

## 1. ТЕРМИНДЕР ЖАНА АНЫКТАМАЛАР

Бул Келишимдин же башка келишимдин түздөн түз текстинде башка чечмелөө камтылбаса, бул Келишимдин текстинде колдонулуучу, баш тамгадан башталган терминдер бул бөлүмдө берилген чечмелөөгө ээ:

1.1. **Виртуалдык карта –** физикалык алып жүрүүчүүсүз жана интернет-сатып алууларга арналган, «Мой О!» мобилдик тиркемеси аркылуу электрондук түрдө чыгарылган атайын Карта, ал ПОС-терминалдар аркылуу сатып алууларды төлөө үчүн жана банкоматтан нак акча чыгаруу үчүн арналган эмес.

1.2. **VISA ЭТС Вируталдык картасы** – бул «Мой О!» мобилдик тиркемеси аркылуу электрондук түрдө чыгарылган физикалык алып жүрүүчүүсүз VISA GOLD атайын Картасы, ал «О!Деньги» электрондук капчыгын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган карта болуп саналат. VISA ЭТС Вируталдык картасынын балансы «О!Деньги» электрондук капчыгынын балансына барабар. Виртуалдык карта 5 жылдык мөөнөткө тиркеме аркылуу физикалык алып жүрүүчүсүз чыгарылат. Тиркемеден тийиштүү командалар аркылуу маалыматтарды суроо инициациялангандан кийин картанын номери жана CVV код сыяктуу картанын маалыматтары Картанын Кармоочусуна тиркемеден көрсөтүлөт. VISA ЭТС Вируталдык картасы Google Pay'ге, Garmin Pay'ге байлоого мүмкүндүк берет, жана NFC функциясы бар смартфондордун/акылдуу сааттардын жардамы менен соода түйүндөрүнөн контактсыз төлөм жүргүзүүгө жана NFC'ни колдогон жабдуулардан акча каражаттарын чыгарып алууга мүмкүндүк берет.

1.3. **Колдонуучу (Картанын Кармоочусу)** – бул О!Деньги электрондук капчыгынын Колдонуучусу, бул Келишимдин негизинде Картаны колдонуу менен Карталык операцияларды жүргүзүү максатында Картага ээлик кылган бул Офертаны/Келишимди акцепттеген жеке жак.

1.4. **Интернет сатып алуулар** – бул Интернет аркылуу товарларды же кызматтарды сатып алуу же брондоо боюнча Карталык операция, ал Картанын же Виртуалдык картанын бардык же айрым маалыматтарын электрондук түрдө киргизүү аркылуу жүргүзүлөт.

1.5. **Карта** – атайын жөнгө салуу режиминин алкагында Оператор тарабынан тесттик режимде берилүүчү, Карталык операцияларды аткарууда эсептешүүлөрдү жүргүзүү максатында төлөм инструменти. Карта анда көрсөтүлгөн жылдын жана айдын аягына чейин жарактуу. Мөөнөтү өтүп кеткен карталар жана колдонуу мөөнөтү келе элек Карталар боюнча Карталык операциялар жүргүзүлбөйт. Оператор чыгарган карта анын менчиги болуп саналат.

1.6. **Карталык операция** – товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү төлөө, улуттук валютада накталай акча алуу, акча которууларды жүзөгө ашыруу, ошондой эле Перифериялык жабдуулар аркылуу накталай эмес формасындагы эсептешүүлөр жана Картаны жана анын маалыматтарын пайдалануу менен жүргүзүлүүчү башка операциялар.

1.7. **Кассалык бөлүмдөр** – Электрондук акчаларды төлөө (накталатуу) жана жайылтуу боюнча жана Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган Карталарын өз атынан да, коммерциялык банктардын тапшырмасы боюнча да берүү боюнча кызмат көрсөтүү боюнча Колдонуучуларды тейлөө боюнча Оператордун ишмердүүлүгүн кылуучу жай, ал, тизмеси Оператордун www.dengi.kg сайтында жана/же «Мой О!» мобилдик тиркемесинде жайгаштырылган О!Стор сатуу жана тейлөө кеңселеринде уюштурулган.

1.8. **Перифериялык жабдуулар** – бул банктык төлөм карталарын жана аралыктан тейлөөнүн башка инструменттерин кабыл алуу жана тейлөө боюнча техникалык

инфраструктураны түзгөн терминалдар, банкоматтар, төлөм терминалдары жана башка жабдуулар. Карталардан акча каражаттарын накталатуу жалаң гана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынан жүзөгө ашырылат.

1.9. **Эрежелер** – бул Картаны Колдонуучу тарабынан колдонуу жана аны Перифериялык жабдуулардан тейлөө боюнча Оператордун эрежелери жана нускамалары.

1.10. **Тарифтер** – бул Оператор тарабынан белгиленген комиссиялар (коюмдар, пайыздар ж.б.у.с.) жана Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган карталарын чыгаруунун алкагында колдонулуучу башка шарттар.

1.11. **Каттоо жазуусу** – бул транзакциялардын коопсуз авторлоштуруусунун максатында жана тиркемеге кирүү үчүн телефон номеринин бир реквизитине байланган «О!Деньги» салмасындагы жеке кабинет.

1.12. **Электрондук капчык («О!Деньги» электрондук капчыгы)** –. электрондук акчалардын суммасы жана алардын кармоочуга таандыгы жөнүндө жазуусу бар, ошондой эле Колдонуучу тарабынан Карталык операцияларды жүзөгө ашыруунун алкагында Колдонуучуну тейлөөсүн, Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган Карталарын колдонуу менен бул Келишимде, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жана банктык практикада колдонулуучу ишкер жүгүртүм каадаларында каралган төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү жүргүзүүнү кошо, жүзөгө ашырууга байланыштуу Оператор тарабынан операцияларды жүргүзүү боюнча Оператор менен Колдонуучунун ортосундагы келишимдик мамилелерин чагылдыруу ыкмасы бар программалык камсыздоо же башка программалык-техникалык жабдуу болуп эсептелген электрондук акчалардын сактагычы катары саналган «О!Деньги» электрондук капчыгы.

1.13. **Элкарт –** Кыргыз Республикасынын «Элкарт» Улуттук Төлөм системасынын сом улуттук валютасындагы банктык төлөм картасы болуп саналган Карта. Элкарт «Мой О!» мобилдик тиркемесинде «ЭЛКАП» маркетингдик аталышы менен жеткиликтүү, анын калдыгына ЭЛКАРТ УТС «О!Деньги» электрондук капчыгын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картасы байланган. Элкарт алдын ала чыгарылган Карта болуп саналат, башкача айтканда картанын бетине картанын кармоочусунун фамилиясын жана атын көрсөтүүсүз жана 3 (үч) жылдан ашык эмес мөөнөтү менен Кассалык бөлүмдөн заматта берилүүчү карта, ал конкреттүү Колдонуучуга ачылуучу Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат, жана Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарынын талаптарына жана ТИК/ККЛК боюнча мыйзамдарга ылайык акча которууларды алууга, перифериялык жабдуулар аркылуу нак акча каражаттарын алууга, соода түйүндөрүнөн сатып алууларды накталай эмес жолу менен төлөөгө, интернет аркылуу операцияларды жүргүзүүгө багытталган.

1.14. **Google Pay** – бул VISA картасы байланган смартфон аркылуу NFC модулу бар банкоматтардан акча каражаттарын накталатып алууга, пос-терминалдардан, сайттардан, тиркемелерден сатып алууларды төлөөгө мүмкүндүк берген сервис (NFC функциясы бар жана ал функция иштеп турган Android телефондорунда иштейт).

1.15. **Garmin Pay** – бул VISA картасы байланган Garmin smart сааттары аркылуу NFC модулу бар банкоматтардан акча каражаттарын накталатып алууга, пос-терминалдардан, сайттардан, тиркемелерден сатып алууларды төлөөгө мүмкүндүк берген сервис (NFC функциясы бар жана ал функция иштеп турган Garmin smart сааттарында иштейт).

1.16. **3D Secure –** бул интернет тармагынан Карталар боюнча төлөмдөрдүн коопсуздугун камсыздоочу технология, ал 3D Secure сыр сөзүн киргизүү аркылуу Картанын Кармоочусун кошумча идентификациялоого, жана интернеттен төлөм Карталарын колдонуу менен алдамчылык коркунучун максималдуу түрдө төмөндөтүүгө мүмкүндүк берет. Бул технологияга ылайык, Оператор тарабынан мобилдик телефондун номерине СМС-билдирүү түрүндө жана/же мобилдик түзмөккө пуш-билдирүү түрүндө автоматтык түрдө жөнөтүлгөн бир жолку сыр сөздү киргизүү менен, ошондой эле Оператордо катталган КРдин мыйзамдарында тыюу салынбаган мүмкүн болгон башка ыкмалар менен Картанын

Кармоочусу ар бир Карталык операцияны тастыктайт. Көрсөтүлгөн сыр сөз Интернет сатып алуу жүргүзүлгөн учурда түздөн түз жөнөтүлөт жана операцияны тастыктоо үчүн бир жолу гана колдонулушу мүмкүн.
*Бул Келишиме башка чечмелөө камтылбаса, бул Келишимдин текстинде колдонулуучу, баш тамгадан башталган башка терминдер Оператордун www.dengi.kg расмий web-сайтында жана/же «Мой О!» мобилдик тиркемесинде жайгаштырылган «Грин Телеком Сервис» ЖЧКнын «О!Деньги» Тутумун колдонуу жөнүндө Жалпыга ачык офертада берилген чечмелөөгө ээ.*

## 2. ЭЛЕКТРОНДУК КАПЧЫКТЫ ПАЙДАЛАНУУ МҮМКҮНЧҮЛҮГҮН КАМСЫЗ КЫЛГАН КАРТАСЫН ЭМИССИЯЛОО ЖАНА ЭЛЕКТРОНДУК КАПЧЫКТЫ ПАЙДАЛАНУУ МҮМКҮНЧҮЛҮГҮН КАМСЫЗ КЫЛГАН КАРТАСЫН КОЛДОНУУ МЕНЕН КАРТАЛЫК ОПЕРАЦИЯЛАРДЫ ЖҮРГҮЗҮҮ ТАРТИБИ

2.1. Колдонуучу тийиштүү арызды Операторго берген учурда жана/же Колдонуучунун макулдугу менен Колдонуучунун тийиштүү кайрылуусунда, Оператордо «О!Деньги» электрондук капчыгы бар Колдонуучунун атына Оператор Колдонуучуга Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картаны чыгарат (эмиттейт), жана бул Келишимде каралган Карталык операцияларды Колдонуучу жүргүзүүсү үчүн өлчөмү Оператордун Тарифтеринде белгиленген акыга Оператор Колдонуучуга картаны берет.
2.2. Оператордун техникалык ишке ашырууга даяр болгондугунда, «О!Деньги» электрондук капчыгын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган физикалык алып жүрүүчүдөгү картаны Колдонуучунун кайрылуусу менен алса болот, аны мыйзамдардын талаптарына ылайык Оператордун Кассалык бөлүмдөрүнөн алса болот. Бардык Кассалык бөлүмдөрдүн тизмеси Оператордун www.dengi.kg сайтында жана/же «Мой О!» мобилдик тиркемесинде жайгаштырылат.
2.3. Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган карталарын чыгаруу (эмиссиялоо) Кыргыз Республикасынын улуттук валютасында гана номинациялануусу мүмкүн.
2.4. Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган карталарынын кармоочулары жеке жактар гана болушу мүмкүн. Пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган Карта «О!Деньги» электрондук акчаларынын кармоочусу болбогон электрондук капчыктардын башка кармоочуларына ачылбайт.
2.5. Колдонуучуну жана бенефициардык менчик ээсин (пайда көрүүчүнү) идентификациялоодон өткөрүү үчүн Колдонуучунун берген жеке маалыматтары (аты-жөнү, паспорт маалыматтары) жана Колдонуучунун башка маалыматтары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бул Келишимдин алкагында укук мамилелерин орнотуу үчүн негиз болуп саналат.
2.6. Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган карта электрондук капчыктын 1 (бир) кармоочусуна/ээсине гана чыгарылышы мүмкүн жана бир Каттоо жазуусунун алкагында 1 (бир) Электрондук капчыкка гана байлануусу мүмкүн.
2.7. Колдонуучунун бир нече Каттоо жазуулары бар болсо бир Колдонуучу Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган бир нече картага ээ болушу мүмкүн.
2.8. Оператор тарабынан акциялар, лотереялар жана башка маркетингдик иш-чаралар өткөрүлгөн учурда, бул активдүүлүктөргө ар дайым Колдонуучунун биринчи берилген картасы катышат.
2.9. Электрондук капчыкка кирүү Картасынын ээси Электрондук капчыкка кирүү Картасын карталарды кабыл алган түйүндөрдө (физикалык, мобилдик жана виртуалдык POS -терминалдар, QR-коддор) товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө максатында, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик укуктук актыларында каралган

лимиттерге ылайык жана Колдонуучуну идентификациялоо жана верификациялоо, анын ичинде аралыктан идентификациялоо жана верификациялоо тартибине ылайык колдонот.

2.10. Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картанын кармоочусу лимиттерге ылайык жана Колдонуучуну идентификациялоо жана верификациялоо тартибине ылайык карталарды кабыл алуу түйүндөрүнөн (физикалык, мобилдик, виртуалдык POS-терминалдар, QR-коддор) товарларды жана кызматтарды төлөөгө укуктуу, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик укуктук актыларында каралган аралыктагы режимде.

2.11. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Оператор Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган карталарын чыгарууда (эмиссиялоодо) банктык төлөм карталарын чыгарууга (эмиссиялоого) жана өз ара эсептешүүлөрдү жүргүзүүгө коюлган бардык талаптардын жана милдеттенмелердин шайкештигин жана аткаруусун камсыздайт.

2.12. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык Оператор Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган карталарын чыгарууда санкцияланбаган жетүү алдамчылыгынан коргоо системаларын ишке ашыруусун камсыздайт.

2.13. Оператор ТИК/ККЛК чөйрөсүндөгү мыйзамдардын талаптарын талаптагыдай аткаруусун камсыздайт, ошондой эле Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган карталары менен жүргүзүлгөн операциялар жана алардын кармоочулары жөнүндө маалыматтардын купуялуулугун жана сактоосун камсыздайт.

2.14. Электрондук капчыктын валютасынан айырмаланган валютада операцияларды жүргүзүүдө Колдонуучу валюталарды конвертациялоодон келип чыккан мүмкүн болуучу финансылык жоготууларды/тобокелдиктерди кабыл алат, алардын мисалдары бул Келишимдин 10-бөлүмүндө көрсөтүлгөн (Картанын валютасынан айырмаланган валютада операцияларды жүргүзүүдө конвертациянын схемасы).

## 3. ТАРАПТАРДЫН УКУКТАРЫ, МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА ЖООКЕРЧИЛИГИ

3.1. <u>Оператор төмөнкүлөргө укуктуу:</u>

3.1.1. Системанын Оператору, Колдонуучуга алдын ала же андан кийинки билдирүүсүз, бир тараптуу тартипте, маркетингдик максаттарында, Электрондук Капчыктын бар болгон мүмкүнчүлүктөрдүн өз аталышы бар функционалдык бөлүмдөргө бөлүүгө жана/же жаңыларын киргизүүгө укуктуу.

3.1.2. Колдонуучу тарабынан жүргүзүлгөн Карталык операциялар үчүн, анын ичинде Кыргыз Республикасын чегинен сырткары жүргүзүлгөндөр үчүн, Колдонуучунун кошумча макулдугусуз (акцептсиз тартипте) Карталык операция жүргүзүлгөн учурда Колдонуучунун Электрондук капчыгынан комиссиянын суммасын чыгарып таштоо аркылуу комиссияларды алууга, анын ичинде башка банкттардын комиссияларын алууга укуктуу.

3.1.3. Оператордун ички ченемдик документтерине, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картаны колдонуу менен Колдонуучу тарабынан жүргүзүлгөн Карталык операциялар боюнча, бир карталык операциянын суммасына да, Колдонуучу тарабынан белгилүү бир убакыттын ичинде жүргүзүлгөн бардык карталык операциялардын суммасына да, жеке лимит (чектөө) орнотууга укуктуу.

3.1.4. Коопсуздукту камсыздоо, Колдонуучунун финансылык жоготуу тобокелдиктерин азайтуу, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын аткаруу максатында, Оператордун ыктыяры боюнча, ПИН-кодду колдонбостон карта боюнча операцияларды жүргүзүүгө жана башка учурларда Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картанын кармоочусуна жеткиликтүүлүктү каалаган учурда жаап коюуга укуктуу.

3.1.5. Колдонуучунун жеке маалыматтарынын коопсуздугун камсыздоо максатында Колдонуучуга Төлөмдөрдүн белгилүү бир түрлөрүн, айрым интернет-булактардагы интернет-төлөмдөрдү кошо, аткаруу мүмкүнчүлүгүн өз ыктыяры боюнча чектөөгө, ошондой эле суткасына белгилүү бир сумма, карталык операциялар/төлөмдөр боюнча лимиттерди өз алдынча орнотууга укуктуу.
3.1.6. Карта боюнча катары менен 90 күндөн ашык активдүү финансылык операциялар жүргүзүлбөгөн учурда, Кармоочуга билдирүү менен Электрондук капчыкка кирүү Картасын блокировкалоого же жабууга/жокко чыгарууга укуктуу.
3.1.7. Эгерде Колдонуучу тарабынан жүргүзүлгөн операциялар алдамчылыкка шектенүүнү жаратса, Колдонуучуга пуш-билдирүү аркылуу жана/же «Мой О!» мобилдик тиркемесинен көрсөтүү аркылуу билдирүү менен Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картасын бөгөттөөгө укуктуу.
3.1.8. Акцептсиз тартипте (Колдонуучунун кошумча макулдугусуз) Колдонуучуга таандык болгон «О!Деньги» электрондук капчыгынан жана/же каалаган башка «О!Деньги» электрондук капчыктарынан төмөнкү суммаларды төлөтүүгө укуктуу:

- Оператордун Тарифтерине ылайык «О!Деньги» электрондук капчыгын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картасын чыгаруу жана тейлөө үчүн Операторго сыйакы;
- Оператордун Тарифтерине ылайык «О!Деньги» электрондук капчыгын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картасын колдонуу менен операцияларды жүргүзүү үчүн Операторго сыйакы;
- Колдонуучуга ашыкча жана/же жаңылыш чегерилген же төлөнгөн, товарларды жана кызматтарды төлөө үчүн ПОС-терминалдар аркылуу ал төлөм жүргүзгөндө «О!Деньги» электрондук капчыгынан кармалып калбаган акча каражаттары;
- Колдонуучунун күнөөсүнөн улам Оператор тарткан кайсы болбосун чыгымдар жана/же сот чыгымдары же «О!Деньги» электрондук капчыгын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картасын тейлөөгө байланышуу башка чыгымдар.

3.1.9. Бул Келишимдин шарттары Колдонуучу тарабынан бузулган учурда, ошондой эле бул Келишимде, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана ченемдик укуктук актыларында каралган башка учурларда «О!Деньги» электрондук капчыгын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картасын бөгөттөөгө же жабууга/жокко чыгарууга укуктуу.
3.1.10. Карталык операция жүргүзүлгөн учурдан тартып 30 (отуз) календардык күн өткөндөн кийин Колдонуучу тарабынан берилген карталык операция боюнча дооматты карап чыгууга кабыл албоого укуктуу.
3.1.11. «О!Деньги» электрондук капчыгын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картасын Колдонуучуга чыгарып берүүдөн өз актыяры боюнча баш тартууга укуктуу.
3.1.12. Өз ыктыяры боюнча Картанын Кармоочусу үчүн айрым Интернет-булактарынан Интернет-төлөмдөрдү жүргүзүү мүмкүндүгүн чектөөгө, ошондой эле Колдонуучунун жеке маалыматтарынын коопсуздугун камсыздоо максатында суткасына Карталык операциялардын/төлөмдөрдүн суммасы, саны боюнча лимиттерди орнотууга укуктуу.
3.1.13. Колдонуучунун «Мой О!» мобилдик тиркемесинде Эл аралык төлөм системасынын башка төлөм карталары бар болгон учурда же «Мой О!» мобилдик тиркемесинде Эл аралык төлөм системасынын башка төлөм карталарын ачуу мүмкүнчүлүгү берилген учурда Колдонуучуга тиешелүү түрдө билдирүү менен Эл аралык төлөм системасынын «О!Деньги» электрондук капчыгына кирүү Картасын жабууга/жокко чыгарууга укуктуу.
3.2. <u>Оператор төмөнкүгө милдеттенет:</u>
3.2.1. Бул Келишимдин шарттарына, Оператордун Тарифтерине жана Элкарт Улуттук төлөм системасынын жана/же тийиштүү Эл аралык Төлөм системасынын Эрежелерине ылайык «О!Деньги» электрондук капчыгын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картаны тейлөөнү камсыз кылууга.
3.3. <u>Колдонуучу төмөнкүлөргө укуктуу:</u>
3.3.1. Бул Келишимде каралган тартипте, Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картасын бөгөттөө же бейбөгөттөө жөнүндө жазуу

жүзүндөгү Арыз менен жана/же «Мой О!» мобилдик тиркемесинен Операторго кайрылууга.

3.3.2. «Мой О!» мобилдик тиркемесинен Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картаны колдонуу менен жүргүзүлгөн операцияларды кошо чагылдырган, акча каражаттарынын кыймылынын тарыхын жана Электрондук капчыктагы калдыкты чагылдыруу менен өз электрондук капчыгы боюнча Көчүрмөнү алууга.

3.4. Колдонуучу төмөнкүлөргө милдеттенет:

3.4.1. Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картасын колдонуу менен ал же үчүнчү жак жүргүзгөн бардык карталык операцияларды анык жана чыныгы деп таанууга;

3.4.2. Оператордун Тарифтерине ылайык Оператордун кызматтарын төлөөгө, ошондой эле Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картасын колдонуу менен жүргүзүлүүчү Колдонуучунун операцияларын Колдонуучу тарабынан жүзөгө ашыруу процессинде катышкан башка банктардын кызматтарын төлөөгө;

3.4.3. Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган карта жоголгон/уурдалган/ыйгарым укугу жок жак тарабынан колдонулган учурда, бул Келишимде жана Оператордун нускамаларында каралган тартипте Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картасын бөгөттөө талабы менен оозеки же жазуу түрүндө Операторго токтоосуз кайрылууга;

3.4.4. Картанын сакталышын жана ПИН-коддун жана Картага жетүү башка коддорунун жана Картанын жеке маалыматтарынын купуялуулугун камсыздоого;

3.4.5. Карта боюнча кызматтарды алууга байланыштуу Колдонуучунун күнөөсүнөн улам Оператор тарткан кайсы болбосун чыгымдардын же сот чыгымдарынын ордун сөзсүз тартипте толтурууга;

3.5. Кыргыз Республикасынын аймагындагы Тейлөө ишканаларынан товарларды жана кызматтарды перифериялык жабдуулар аркылуу төлөөгө байланыштуу Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган карта боюнча карталык операциялар улуттук валютада гана жүргүзүлөт.

3.6. Эгерде Тейлөө ишканасы Кыргыз Республикасынын чегинен сырткары жайгашкан болсо, операция Эл аралык төлөм системасынын курсу боюнча кыргыз сому улуттук валютасында жүргүзүлөт. Оператор менен Эл аралык төлөм системасынын ортосундагы эсептешүүнүн валютасы Эл аралык төлөм системасы тарабынан аныкталат. Эл аралык төлөм системасы аркылуу Эл аралык төлөм системасынын валютасынан айырмаланган валютада жүргүзүлгөн карталык операциянын суммасы Эл аралык төлөм системасынын валютасына, бул Карталык операция боюнча Оператор менен эсептешүү күнүнө карата Эл аралык төлөм системасы тарабынан орнотулган курс боюнча, курстук тобокелдиктерди төмөндөтүү жана эсептешүүлөрдү гарантиялык финализациялоо максатында Оператор тарбынан орнотулган, ЭТСтин курсуна кошулган үстөктү эсепке алуу менен конвертацияланат. Карталык операция жүргүзүлгөн учурга карата валютаны сатуу курсу боюнча Эл аралык төлөм системасынын валютасында Карталык операциянын суммасына эквиваленттүү Карталык операциянын суммасын Оператор Колдонуучунун Электрондук капчыгынан акцептсиз тартипте алып салат. Карталык операцияларды жүргүзүүдө валюталарды конвертациянын толук схемасы бул Келишимдин 10-бөлүмүндө көрсөтүлгөн.

3.7. Оператор тарабынан көрсөтүлгөн кызматтар үчүн сыйакы Оператордун Тарифтеринде белгиленген чендер боюнча Кардардан алынат.

3.8. Карталык операция VISA ЭТС Картасын колдонуу менен кыргыз сому валютасынан айырмаланган валютада жүргүзүлгөн учурда, конвертациялоо жана электрондук капчыктан акча каражаттарын алып салуу, бул Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналган Конвертациянын схемасына ылайык, операцияны иштеп чыгуу учуруна карата транзакцияларды бүтүрүү боюнча Оператордун тобокелдикке багытталган ыкмасын эсепке алуу менен, Төлөм Тутумунун курсу боюнча жүргүзүлгөн карталык операциянын суммасына эквиваленттүү Оператордун комиссиясын эсепке алуу менен жүргүзүлөт. Бул

Келишимди түзүү менен Колдонуучу бул Келишимдин 10-бөлүмүндө көрсөтүлгөн Конвертациянын схемасы менен таанышып чыкканын ырастайт жана көрсөтүлгөн курстарды колдонууга макулдугун берет.

3.9. Картаны ачуу максаттарын сактоо жана Электрондук капчыкка кирүү Картасын алган учурдан тартып ар бир 90 күндөн кем эмес мезгилдүүлүк менен Карта боюнча активдүү финансылык операцияларды жүргүзүүгө.

3.10. Колдонуучу төмөнкүлөр үчүн жоопкерчилик тартат:

3.10.1. Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган карта/ Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картанын маалыматтары же ПИН-код жана Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картага жетүү башка коддору жоголгонуна/уурдалганына/ыйгарым укугу жок жак тарабынан колдонулганына байланыштуу Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картасын бөгөттөө тууралуу Операторго өз убагында эмес билдирүүнүн кесепеттери үчүн – келтирилген зыяндын толук көлөмүндө;

3.10.2. Колдонуучунун күнөөсүнөн улам Оператор тарткан чыгымдар жана сот чыгымдары үчүн – Оператор учураган зыяндардын толук көлөмүндө;

3.10.3. Алынган, бирок төлөнбөгөн товарлар жана кызматтар үчүн акчалар Операторго кайтарылбагандыгы үчүн – төлөнбөгөн товарлардын жана кызматтардын суммасынын өлчөмүндө;

3.10.4. Колдонуучунун электрондук капчыгына ашыкча же жаңылыш чегерилген акчалар Операторго кайтарылбагандыгы үчүн – ашыкча же жаңылыш чегерилген акча каражаттарынын өлчөмүндө.

3.11. Оператор Колдонуучуга анын Электрондук капчыгы боюнча банк сырына кепилдик берет. Колдонуучунун операциялары жана Электрондук капчыгы боюнча маалыматты үчүнчү жактарга берүү, ошондой эле Электрондук капчык боюнча операцияларды токтотуп туруу (бул Келишимден каралган учурлардан тышкары) жалаң гана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда жана тартипте жүзөгө ашырылат. Ушуну менен Колдонуучу жана анын операциялары тууралуу маалыматтар жана документтер Колдонуучунун операциясын жүргүзүүдө катышкан, эквайер-банктарга кошо, электрондук акчалардын эмитент-банкына, атайын жөнгө салуу режиминин алкагындагы электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган карталарын эмиссиялоонун алкагында эсептешүү банкына, төлөм тутумдарынын операторлоруна, тийиштүү төлөм тутумдарына Колдонуучунун кошумча макулдугусуз Оператор тарабынан берилишине Колдонуучу макулдугун берет.

## 4. КАРТАНЫН КАРМООЧУСУ ТАРАБЫНАН ТӨЛӨӨГӨ ТИЙИШТҮҮ БОЛГОН КОМИССИЯЛАРДЫН ТҮРЛӨРҮ ЖАНА ӨЛЧӨМДӨРҮ

4.1. Ар бир операцияга болгон Оператордун комиссияларынын өлчөмү Оператордун Тарифтерине ылайык орнотулат. Тарифтер Оператордун www.dengi.kg сайтында, Мобилдик тиркемеде жайгаштырылат.

4.2. Операциялар, төлөм Колдонуучудан иш жүзүндө качан алынганына карабастан, операция жүргүзүлгөн күнгө карата колдонулган тарифтер боюнча төлөнөт.

4.3. Колдонуучу Операторго өз Электрондук капчыгынан көрсөтүлгөн кызматтар үчүн акынын эсебине комиссиялардын суммасын биринчи кезектеги акцептсиз тартипте эсептен чыгарууну тапшырат.

4.4. Оператор Колдонуучунун операцияларын жүргүзүүгө акыны төлөө үчүн Колдонуучунун Электрондук капчыгындагы акча каражаттарын колдонууга укуктуу. Айрым операцияларды жүргүзүү учурунда Тараптар акыны төлөөнүн башка ыкмасы боюнча макулдашуусу мүмкүн.

4.5. Оператор бир тараптуу тартипте Тарифтерди, лимиттерди жана кайсы болбосун Карталык операциялардын, кызматтардын жана бүтүмдөрдүн шарттарын, аларды Оператордун www.dengi.kg сайтына жана Мобилдик тиркемеге Кыргыз Республикасынын

мыйзамдарында каралган тартипте жайгаштыруу аркылуу Колдонуучуга сөзсүз билдирүү менен, өзгөртүүгө укуктуу. Колдонуучу мындай өзгөртүүлөр менен макул болбогон учурда, Оператор тарабынан белгиленген форма боюнча Келишимди бузуу жөнүндө Арыз берүү аркылуу бул тууралуу Операторго жазуу жүзүндө билдирүү менен Келишимди бузууга укуктуу. Эгерде жогоруда көрсөтүлгөн өзгөртүүлөр күчүнө киргенге чейин Оператор Келишимди буузу жөнүндө жазуу жүзүндөгү Арызды албаса, Колдонуучу мындай өзгөртүүлөрдү кабыл алды деп эсептелет.

4.6. Колдонуучунун Электрондук капчыгында турган анын акча каражаттарына Оператор 0 (нөл) % өлчөмүндө жылдык пайыз кошуп эсептейт.

4.7. Колдонуучу, Оператордун комиссияларынан тышкары, өз эсебинен Карталык операцияларды жүргүзүү боюнча кызматтарды көрсөтүүгө байланышкан бардык салыктарды, башка милдеттүү төлөмдөрдү өз эсебинен төлөйт, ошондой эле корреспондент-банкттардын, субагенттердин, Колдонуучулардын Карталык операцияларын жүргүзүүгө тартылган башка жактардын Карталык операцияларды жүргүзүү менен байланыштуу комиссияларын жана чыгымдарын төлөйт, аларды төлөө бул Келишимде каралган Оператордун комиссияларын төлөө тартиби боюнча жүргүзүлөт.

## 5. ТАЛАШТАРДЫ КАРАП ЧЫГУУ ТАРТИБИ

5.1. Бул Келишимдин шарттарын аткарууда жаралышы мүмкүн болгон талаштарды тараптар сүйлөшүүлөр аркылуу чечүүгө умтулат.

5.2. Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган карталарынын Колдонуучуларынын кайрылууларын карап чыгуу жол-жобосу Оператордун www.dengi.kg сайтында жана/же Мобилдик тиркемеде жарыяланган Оператордун регламентине ылайык жүзөгө ашырылат.

5.3. Талаш-тартыштарга Кыргыз Республикасынын процессуалдык мыйзамдарында белгиленген өзгөчө сотко караштуулугун колдонуу учурун кошпогондо, өз ара алгылыктуу чечимге келбеген учурда, Тараптар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте талаш маселени Оператордун жайгашкан жери боюнча сотко чечүүгө бере алышат.

## 6. ТАРАПТАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИГИ

6.1. Бул Келишим боюнча милдеттенмелерин аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн Тараптар бул Келишимде каралган тартипте, ал эми Келишимде каралбаган учурда – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте жоопкерчилик тартышат.

6.2. Тараптын Келишим боюнча өз милдеттенмелерин аткарбаганынын же талаптагыдай эмес аткарганынын натыйжасында мүлктүк кызыкчылыктары же ишкерлик кадыр-баркы бузулган Келишимдин Тарабы башка Тараптын келтирген чыгашаларынын ордун толук толтурууну талап кылууга укуктуу, мында чыгашалар катары укугу бузулган Тарап өз укуктарын жана кызыкчылыктарын кайра калыбына келтирүү үчүн жумшаган чыгымдары (реалдуу чыгаша) каралат.

6.3. 3D-Secure коддору, шартбелгилери жана/же башка идентификаторлору, маалымат алуу үчүн Колдонуучу көрсөткөн реквизиттери (почта дарегин кошо) менен SMS-билдирүүлөрдү алуу үчүн телефон номери өзгөргөндүгү жөнүндө Операторго кабарлабагандыгынын кесепеттерине Колдонуучу жоопкерчилик тартат.

6.4. Тараптар жеңилбес күч жагдайларынын: өрттүн, жер титирөөнүн, электр энергиясы менен камсыздоонун үзгүлтүккө учурашынын, байланыш каналдарындагы олуттуу бузулуулардын, анын ичинде карталык операцияларды жүргүзүүгө чектөөлөрдүн жана башка Тараптардын көзөмөлү алдында болбогон жагдайлардын натыйжасында өз милдеттенмелеринин жарым-жартылай же толук аткарылбашы үчүн жоопкерчиликтен бошотулушат. Ошол эле учурда, Тараптар бири-биринин алдындагы бардык карыздарды төлөө милдетинен бошотулбайт.

6.5. Үчүнчү жак тарабынан Картанын маалыматтарын жана/же Картанын Кармоочусунун маалыматтарын колдонуу менен Интернет тармагы аркылуу төлөмдөр жүргүзүлгөндүгүнүн натыйжасында келип чыккан бардык мүмкүн болуучу жоготууларды, чыгымдарды, зыяндарды ж.б.у.с. Картанын Кармоочусу өзүнө кабыл алат, жана ушуну менен мындай учурларда Операторго дооматтарды койбоого же ага каршы кандайдыр бир доолорду кылбоого кепилдейт, анткени Оператор Картанын Кармоочусуна Картанын маалыматтарын жана/же Картанын Кармоочусунун маалыматтарын колдонуу менен Интернет тармагы аркылуу төлөмдөр жүргүзүүгө байланыштуу мүмкүн болуучу тобокелдиктер тууралуу алдын ала жана толук көлөмдө маалымдаган.

6.6. Бул Келишимди түзүү менен Картанын Кармоочусу ага Картанын маалыматтарын жана/же Картанын Кармоочусунун маалыматтарын колдонуу менен Интернет тармагы аркылуу төлөмдөр жүргүзүүгө техникалык мүмкүндүктү берүүнүн демилгечиси болуп өзү саналарын, ошондой эле Картанын Кармоочусу тарабынан дагы, Картанын Кармоочусунун ыйгарым укуктуу же ыйгарым укугусуз башка кайсы болбосун үчүнчү жак тарарбынан дагы картаны колдонуу менен Интернет тармагы аркылуу төлөмдөрдү жүргүзүүдө Картанын Кармоочусу үчүн пайда болушу мүмкүн кайсы болбосун кесепеттер үчүн жоопкерчиликтен Операторду ал бошоторун тааныйт жана ырастайт.

6.7. Интернет тармагы аркылуу транзакцияларды жүргүзүүнүн натыйжасында, анын ичинде Интернет тармагынан хакердик, вирустук, алдамчылык чабуулдарынын натыйжасында келип чыккан бардык мүмкүн болуучу жоготууларды, чыгымдарды, зыяндарды ж.б.у.с. Картанын Кармоочусу өзүнө кабыл алат, жана ушуну менен мындай учурларда Операторго дооматтарды койбоого же ага каршы кандайдыр бир доолорду кылбоого кепилдейт, анткени Оператор Кардарга мүмкүн болуучу тобокелдиктер тууралуу алдын ала жана толук көлөмдө маалымдаган. Ушуну менен Кардар Операторду кандайдыр бир жоопкерчиликтен бошотот, ал эми Оператор, буга ылайык, жеке смарт/мобилдик телефонду жана/же башка түзмөктү башкарууну үчүнчү жактар колдоруна түшүрүп алган, тутумга Кирүү коддору уурдалган же Кардар коопсуздук жол-жоболорун сактабаган учурда Кардар үчүн пайда болушу мүмкүн кайсы болбосун кесепеттер үчүн анын алдында эч бир жоопкерчилик тартпайт.

6.8. Картанын Кармоочусу 3D Secure технологиясын колдобогон сайттардан жана/же тиркемелерден жана/же интернет аянтчалардан/платформалардан Интернет сатып алууларды жүргүзүү үчүн жоопкерчилик тартат.

6.9. Картанын Кармоочусуна Интернет сатып алууларды жүргүзүүгө мүмкүндүк берилген. Интернет сатып алууларды жүргүзүүдө Картанын Кармоочусу ушуну менен төмөнкүлөргө толук жана шартсыз макулдугун берет:

6.9.1. Электрондук капчык, картанын маалыматтарын (картанын номери, анын жарактуу мөөнөтү, CVV2 ж.б.) жана/же Картанын Кармоочусунун маалыматтарын колдонуу менен Кардар тарабынан Интернет аркылуу жүргүзүлгөн карталык операциялар боюнча, Оператор жана/же товардын/кызматтын Сатуучусу жана/же Эл аралык төлөм системасы жана/же Сатуучунун банкы тарабынан Карталык операциянын суммасына жана Карталык операциянын бул түрү үчүн колдонулган комиссиялардын суммасына дебеттелет.

6.9.2. Картанын Кармоочусу жасалган Интернет сатып алуулар үчүн толук жоопкерчиликти тартат, бул Интернет сатып алуулар Картанын Кармоочусу тарабынан эмес, кайсы болбосун үчүнчү жак тарабынан жасалган болсо дагы, үчүнчү жакка бул мындай маалыматтар Картанын Кармоочусу тарабынан Интернет сатып алуулардык ишке ашырууда аларды колдонууга байланыштуу маалым болгондо, же Картаны талаптагыдай эмес сактаганда жана/же колдонгондо, Картаны пайдалануу мүмкүндүгүнө үчүнчү жактар ээ болгондо, Кардардын макулдугу жок, анын ичинде Картанын аналогунун жардамы менен, жыйынтыгы Интернет сатып алууларды ишке ашырууга мүмкүндүк берген Карта жөнүндө жана/же Картанын Кармоочусу жөнүндө маалыматтар үчүнчү жактарда болуп калган кайсы болбосун башка учурларда.

6.9.3. Эл аралык төлөм системасынын алкагында Карта эл аралык айланымга ээ болгондуктан, Картанын Кармоочусу ал жөнүндө жана ал жүргүзгөн операциялар жөнүндө маалыматты Эл аралык төлөм системасына чек аралар аралык өткөрүп берүүгө макулдугун берет.

6.10. Ушуну менен Картанын Кармоочусу төмөнкүлөргө байланыштуу бардык тобокелдиктерди өзүнө аларын ырастайт:

6.10.1. Картанын Кармоочусу Картанын маалыматтарын же анын аналогун колдонуу менен ПОС-терминалдар/Банкоматтар жана башка перифериялык жабдуулар аркылуу Карталык операцияларды, Интернет сатып алууларды аткарууда колдонгон Картага жана/же Картанын маалыматтарына жана/же Картанын Кармоочусунун маалыматтарына үчүнчү жактардын мүмкүн болуучу жетүүсүнө байланыштуу;

6.10.2. Картанын маалыматтары жана/же Картанын Кармоочусунун маалыматтары белгилүү болгон үчүнчү жак тарабынан перифериялык жабдуулар аркылуу кайсы болбосун Карталык операцияларды ишке ашырууга байланыштуу.

6.10.3. Картанын Кармоочусу тарабынан Картаны колдонуу менен Интернет сатып алууларды ишке ашыруунун алкагында Оператор өз ыктыяры боюнча жана техникалык мүмкүндүктүн бар болгонунда, кошумча коопсуздукту камсыздоо максатында, Картаны чыгарууда 3-D Secure технологиясын колдоно алат. Бул технологияны колдогон Оператордун Картасынын Кармоочусу үчүн Интернет аркылуу төлөө процессинде суралган маалыматтын тизмегине картаны Картанын Кармоочусу өзү колдонуп жаткандыгын тастыктоого кошумча суроо кошулат, башкача айтканда мобилдик телефондун номерине СМС-билдирүү түрүндө жана/же мобилдик түзмөккө пуш-билдирүү түрүндө, ошондой эле Картага байланган Кардардын мобилдик телефон номерине жөнөтүлгөн КРдин мыйзамдарында тыюу салынбаган мүмкүн болгон башка ыкмалар менен Оператор тарабынан берилүүчү тастыктоо кодун киргизүү талап кылынат. Ошол эле учурда ушуну менен Картанын Кармоочусу мындай технология абсолюттук түрдө коргоо болуп саналбаганын түшүнгөнүн ырастайт (бир жолку сыр сөздү компьютердик вирустар тосуп калуу учурлары болушу мүмкүн). Ошондой эле Кардар мындай технологияны бардык банктар колдобогондуктан ал бардык Интернет сатып алууларга колдолулушу мүмкүн эместигине макулдугун берет.

6.11. Оператор төмөнкүлөр үчүн жоопкерчилик тартпайт:

6.11.1. Эгерде Кардар Операторго анын мобилдик телефон номеринин жана электрондук почтасынын өзгөргөндүгү/жоголгону тууралуу бул Келишимде каралган тартипте өз убагында кабарлабаган учурда, же болбосо бул байланыш каражаттары кандай болбосун себептер боюнча жеткиликтүү эмес болгон учурда, Кардар жүргүзүлгөн Карталык операциялар жөнүндө, кирүү коддору жөнүндө, Картаны бөгөттөө жөнүндө ж.б. маалыматтарды албаганы үчүн.

6.11.2. үчүнчү тарап Картаны тейлөөдөн баштарканы үчүн;

6.11.3. Карта боюнча сатып алынган товарлардын, иштердин жана кызматтардын сапаты үчүн;

6.11.4. үчүнчү тарап орноткон Карта боюнча лимиттер, чектөөлөр жана кошумча комиссиялар үчүн;

6.11.5. Картаны бөгөтөө тууралуу жана өтүп кеткен мезгил үчүн ар айлык Көчүрмөнү берүү талабы менен Кардардын Операторго өз убагында эмес кайрылуусунун кесепеттери үчүн;

6.11.6. Кардар өзгөргөн Тарифтер жана Эрежелер менен бул Келишимде каралган тартипте таанышып чыкпаганы үчүн;

6.11.7. Кардар Картаны же Картанын туура маалыматтарын колдонуу менен, туура МИН-кодду, Сыр сөздү, 3D-Secure сыр сөзүн жана/же башка сыр сөздөрдү, коддорду (эгерде аны киргизүү Карталык операцияны жүргүзүү үчүн талап кылынса) киргизүү менен, ПОС-терминалдар/банкоматтар жана башка жабдуулар аркылуу Карталык операцияларды, Интернет сатып алууларды жүргүзүүдө, ошондой эле Кардар тарабынан дагы, Кардардын ыйгарым укуктуу же ыйгарым укугу жок кайсы болбосун үчүнчү жак тарабынан 3D-Secure

сыр сөзүн киргиүбестен Интернет сатып алууларды жүргүзүүдө кардар үчүн пайда болушу мүмкүн кайсы болбосун кесепеттер үчүн.

## 7. ТАРАПТАРДЫН КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРЫН КОРГОО

7.1. Бул Келишимдин шарттарында өз чечимин таппаган, бирок бул Келишим боюнча тараптардын мамилесинен түз же кыйыр түрдө келип чыгуучу, Келишимдин Тараптарынын мүлктүк кызыкчылыктарына жана ишкерлик кадыр-баркына таасир тийгизген бардык маселелер боюнча Тараптар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ченемдерин жана жоболорун жетекчиликке алышат.

7.2. Эгер кандайдыр-бир себептер менен бул Келишим өз күчүн жарым-жартылай же толук жоготсо же бул Келишимде тиешелүү шарттар жок болгон учурда Оператор үчүн атайын жөнгө салуу режиминин алкагында каралган жоболор, Кыргыз Республикасынын банктык операцияларды жөнгө салган мыйзамдарынын жоболору, ошондой эле эл аралык коомчулук тарабынан кабыл алынган банктык практика жана ишкер жүгүртүм каадалары колдонулат.

## 8. КЕЛИШИМДИ БУЗУУ ЖАНА КАРТАНЫ ЖОККО ЧЫГАРУУ ТАРТИБИ

8.1. Бул Келишим, Колдонуучу бул Келишимди акцепттеген күндөн тартып түзүлгөн деп саналат жана ал бузулган учурга чейин жана/же Электрондук капчыктын жабылган/Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган карта жокко чыгарылган учуруна чейин иштейт.

8.2. .Колдонуучу каалаган убакта бул Келишимди бузууга же Карта аркылуу пайдалануу мүмкүнчүлүгү камсыз кылынган Электрондук капчыкты жабууга укуктуу. Бул учурда Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган карта жокко чыгарылат

8.3. Колдонуучу Келишимде каралган милдеттенмелерин аткарбаган учурда, ошондой эле «О!Деньги» Системасынын эрежелеринде/»О!Деньги» Төлөм системасы боюнча Ачык офертанын шарттарында каралган башка учурларда, Оператор Электрондук капчыкка кирүү Картасын бир тараптуу жабууга/жокко чыгарууга укуктуу.

8.4. Оператор Келишимде, «О!Деньги» Системасынын эрежелеринде/»О!Деньги» Төлөм системасы боюнча Ачык офертанын шарттарында каралган учурларда Келишимди каалаган убакта бузууга же болбосо Карта аркылуу кирүү мүмкүн болгон Электрондук капчыкты жабууга укуктуу. Бул учурда Электрондук капчыкка кирүү Картасы жабылат/жокко чыгарылат.

8.5. Келишимди бузуу Келишим боюнча аткарылбаган милдеттенмелерден баш тартуу үчүн негиз болбойт. Тараптар ортосунда өз ара бардык эсептешүүлөр аяктагандан кийин Келишим бузулду деп эсептелет.

## 9. ЭЛЕКТРОНДУК КАПЧЫКТЫ ПАЙДАЛАНУУ МҮМКҮНЧҮЛҮГҮН КАМСЫЗ КЫЛГАН КАРТАСЫН КООПСУЗ КОЛДОНУУ БОЮНЧА ЭРЕЖЕЛЕР

Картанын кармоочусу тарабынан коопсуздукту сактоо боюнча негизги талаптар (ПИН-кодду колдонуу, лимиттер, Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган карта жоголгон же уурдалган учурларда кармоочунун аракеттери).

9.1. **ПИН-код**

9.1.1. Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картасы берилген учурда Колдонуучуга ПИН-код басылган кошумча барак менен атайын чапталган конверт берилет. ПИН-код терминалдык жабдуулардан, банктык мекемелерден картаны колдонуу менен операцияларды жүргүзүү үчүн керек жана соода-тейлөө ишканаларынан товарларды жана кызматтарды төлөөдө колдонулушу мүмкүн.

9.1.2. «О!Деньги» электрондук капчыгын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картасына ПИН-код Оператордун кызматкерлерине белгилүү эмес жана «О!Деньги» электрондук капчыгын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картасынын кармоочусу тарабынан «О!Деньги» электрондук капчыгын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картасын колдонуу мөөнөтүнүн ичинде сыр бойдон сакталышы зарыл. ПИН-кодду алмаштыруу мүмкүнчүлүк жагынан Оператордун техникалык ишке ашырууга даяр

болгонунда «О!Деньги» электрондук капчыгын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картасынын кармоочусу ПИН-кодду алмаштырууда коддун айкын, оңой болжолдолгон комбинацияларын, мисалы, телефон номеринин аягын, туулган күнүн ж.б. колдонуудан оолак болууга тийиш.

9.1.3. ПИН-коддун жашыруундугун сактоо үчүн белгилүү бир эрежелерди кармануу керек:

- ПИН-кодду кайсы бир жерге жазууга болбойт, жагымсыз кесепеттерди болтурбоо үчүн Оператор «О!Деньги» электрондук капчыгын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картасынын кармоочусуна ПИН-кодду эстеп калууну сунуштай. Эгерде «О!Деньги» электрондук капчыгын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картасынын кармоочусу ПИН-кодду кайсыл бир жерге жазып койгон болсо, «О!Деньги» электрондук капчыгын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картасын жана ал жазууну өз-өзүнчө сакташ керек;
- Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картасын башка адам колдонуусун болтурбоо үчүн ПИН-кодду Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картасынан өзүнчө сакташ керек, ПИН-кодду Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картасына жазбаш керек, ПИН-кодду башка адамдарга айтпаш керек, ПИН-кодду Интернет тармагына эч качан киргизбеш керек.

Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картанын маалыматтары же ПИН-код башка адамдарга жеткиликтүү болуп калганы же көчүрүлгөнү тууралуу шектенүү жаралса, картаны токтоосуз бөгөттөңүз. Оператордун кызматкеринин, башка кайсы уюмдун болбосун кызматкеринин Сиздин ПИН-кодду билдирүүнү, анын ичинде, Интернет аркылуу товарларды/кызматтарды төлөөдө, талап кылууга укугу жок экени эсиңизде болсун. Эгерде Сиз ПИН-кодду унутуп калган болсоңуз, Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картасын жаңы ПИН-код менен кайра чыгаруу үчүн Оператордун бөлүмүнө кайрылыңыз.

9.1.4. Эгерде ПИН-код үч жолу удаа (канча болбосун убакыттын аралыгында, бир же ар кайсы электрондук жабдуулар менен колдонууда) туура эмес терилген болсо, төртүнчү жолу удаа ката кетирилгенде, Оператор картаны бөгөттөөгө укуктуу, же карта Тейлөө ишканасы же нак акча берүү түйүнү тарабынан жагдайлар аныкталганга чейин алынып коюулушу мүмкүн.

9.1.5. Оператор, автордошуунун автоматизацияланган режиминде жүргүзүлгөн карталык операцияларды «О!Деньги» электрондук капчыгын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картасынын кармоочусу өзү жүргүзгөн деп эсептейт.

**9.2. Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картаны бузулуудан коргоо**

9.2.1. Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картага электромагниттик талаалардын таасирин тийгизбөө үчүн аны электроаспаптардын (муздаткычтардын, телевизорлордун, радио кабылдагычтардын ж.б.) жанына калтырбаңыз. Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картаны магниттик илмеги бар портмонеде же сумкада сактабаңыз. Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картаны металлдын үстүнө койбоңуз, аны ийбеңиз жана чийбеңиз. Эгерде Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган карта бузулгандыгынын натыйжасында операцияларды жүргүзүү үчүн аны колдонуу мүмкүн болбой калса, Оператордун кассалык бөлүмүнө кайрылуу зарыл.

**9.3. Картаны колдонуу**

9.3.1. Колдонуучунун кайрылуусу боюнча Оператор Карталык операциялар боюнча каалаган мөөнөт үчүн Электрондук капчык боюнча көчүрмө берет.

9.3.2. Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган карта менен банкомат аркылуу нак акча каражаттарын берүү операциясын жүргүзүүнүн алдында банкоматта Сиздин картаңызга тийиштүү төлөм тутумунун эн белгиси бар экенине,

ошондой эле Оператордун Тарифтеринде каралган комиссияларды эске алуу менен керектүү сумманын бар экенине ынаныңыз.

9.3.3. Колдонуучу көчүрмөнү текшерүүгө тийиш, карталык операциялардын суммаларын текшерүү сунушталат. Санкцияланбаган карталык операциялар белгилүү болгон учурда Колдонуучу Операторго кайрылуусу зарыл.

9.3.4. Карталык операцияларды жүргүзүү үчүн картанын кармоочусу Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картаны тейлөө түйүнүнүн (Тейлөө ишканасы ж.б.) кассирине көрсөтөт. Контактсыз карта (бар болсо) менен операцияларды жүргүзүүдө Колдонуучу, ПОС-терминал тарабынан Картадан керектүү маалыматты контактсыз окуу Карталык операциясын Контактсыз картаны Тейлөө ишканасынын кассирине бербестен өз алдынча жүргүзүүгө укуктуу.

9.3.5. Кассир Картаны көрсөтүүчүдөн анын өздүгүн тастыктоочу документти талап кылууга укуктуу. Документ жок болсо, кассир Картанын кармоочусуна Карталык операция жүргүзүүдөн баш тартууга укуктуу.

9.3.6. Кассир, бул Эрежелердин шарттарына ылайык, жагдай аныкталганга чейин Картаны кармап калууга укуктуу.

9.3.7. Туура ПИН-кодду терүү жана/же чектеги кол тамга Колдонуучунун «О!Деньги» электрондук капчыгын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картасынан Карталык операциянын суммасын эсептен чыгарууга Картанын кармоочусунун тапшырмасы болуп саналат.

9.3.8. Жагдай аныкталганга чейин Кассир бул Келишимдин шарттарына ылайык, Картаны кармап турууга укуктуу.

9.4. **Тейлөө ишканаларынын товарларын жана кызматтарын төлөө үчүн Картаны колдонуу**

9.4.1. Картанын кармоочусуна ишеним туудурбаган Тейлөө ишканаларынан Карталык операцияларды жүргүзүү сунушталбайт.

9.4.2. Картанын кармоочусуна Карталык операцияны аткаруу учурунда «О!Деньги» электрондук капчыгын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картаны дайыма көрүп туруу жана «О!Деньги» электрондук капчыгын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картада көрсөтүлгөн маалыматтарды мыйзамсыз алуу тобокелдигин азайтуу максатында Карталык операцияны Картанын кармоочусунун көзүнчө жүргүзүүнү талап кылуу сунушталат.

9.4.3. Картанын кармоочусу тарабынан Карталык төлөө жүргүзүлүп жатканда кассир Картанын кармоочусунан ПИН-кодду киргизүүнү жана/же чекке кол коюуну талап кылышы мүмкүн. ПИНкодду терүүнүн алдында Картанын кармоочусуна жакын турган үчүнчү жактар ПИН-кодду көрө албай турганына ынануу керек. Чекке кол коюунун алдында чекте көрсөтүлгөн сумманы сөзсүз текшериңиз.

9.4.4. Тейлөө ишканасынан Карталык операция жүргүзүп жатканда Картанын кармоочусуна өзү жөнүндө кошумча маалыматты билдирүү сунушталбайт. Зарыл учурда Тейлөө ишканасы Картанын кармоочусунан өздүгүн тастыктаган документти көрсөтүүнү гана талап кыла алат.

9.5. **Картаны бөгөттөө:**

9.5.1. Карта/анын маалыматтары жоголгон/уурдалган/ыйгарым укугу жок жак тарабынан колдонулган учурда «Мой О!» мобилдик тиркемесинен картаны бөгөттөө боюнча аракеттерди токтоосуз аткаруу керек жана Карта жоголгондугу/уурдалгандыгы/ыйгарым укугу жок жак тарабынан колдонулгандыгы тууралуу Операторго жазуу жүзүндөгү билдирүү менен кайрылуу керек.

9.6. **Картаны кармап туруу**

9.6.1. Тейлөө ишканасынан же нак акча берүү түйүнүнөн Картаны кармап туруу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда жүргүзүлөт.

9.7. **Картанын жарактуу мөөнөтү, Картаны колдонууну токтотуп туруу жана токтотуу**

9.7.1. Картада анын жарактуу мөөнөтүнүн бүткөн датасы көрсөтүлөт (айы жана жылы). Карта анда көрсөтүлгөн айдын акыркы күнүнө чейин жарактуу. Мөөнөтү бүткөн Карталардын бардыгы бөгөттөлөт.

9.7.2. Картанын кармоочусу Картаны колдонуудан баш тартса, ал жазуу жүзүндөгү тийиштүү Арыз менен кайрылуусу керек.

9.8. **Талаштарды жөнгө салуу.**

9.8.1. Картанын кармоочусуна Карталык операциялар аркылуу акчаларды каражат кылууну эсепке алуу үчүн жана мүмкүн болуучу талаштарды жөнгө салуу үчүн чектерди сактоо сунушталат.

9.9. **Интернет сатып алууларды жасоо мүмкүндүгү**

9.9.1. Оператор Кардарга 3D-Secure технологиясын колдогон дагы, колдобогон дагы Интернет сатып алууларды ишке ашыруу мүмкүндүгүн берет. 3D-Secure технологиясын колдобогон сайттардан/тиркемелерден/интернет аянтчалардан/платформалардан товарларды жана кызматтарды Интернет сатып алуу жүргүзүүдө Карталык операция стандарттык режимде (Картанын номери, жарактуу мөөнөтү, CVV2 коду), бир жолку сыр сөздү киргизүүсүз ишке ашырылат, ошол эле учурда мындай Карталык операциялар боюнча мүмкүн болуучу тобокелдиктерди Кардар өз алдынча тартат.

9.9.2. Оператор Оператордун Web-сайтынан Кардарга өзгөрүүлөр тууралуу кабарлап, Интернет сатып алууларды жүргүзүү тартибин өзгөртүү укугун өзүнө калтырат.

9.9.3. Кумар оюндары бар сайттарга кирүү Картанын Кармоочулары үчүн КРдин мыйзамдарына ылайык тыюу салынат.

9.9.4. Интернет сатып алууларды ишке ашырууда Картанын Кармоочусу сайт/тиркеме/интернет аянтча/платформа коопсуз болуп саналарына ынануусу зарыл; Картанын Кармоочусуна Интернет сатып алууларды текшерилген сайттардан/тиркемелерден/интернет аянтчалардан/платформалардан ишке ашыруу сунушталат жана шпион-программалар жана/же зыян келтирүүчү программалар орнотулган үчүнчү жактардын жабдууларынан эмес, өзүнүн компьютеринен же өзүнүн башка жабдуусунан Интернет сатып алууларды ишке ашыруу сунушталат;

9.9.5. Интернет сатып алууларды коопсуз жүргүзүүнү камсыздоо үчүн Интернет сатып алууларды 3D – Secure коопсуздук технологиясын колдогон сайттардан/тиркемелерден/интернет аянтчалардан/платформалардан ишке ашыруу сунушталат.

## 10. ТОБОКЕЛДИКТЕРДИ ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИКТИ ТАРАПТАР ОРТОСУНДА БӨЛҮШТҮРҮҮ

10.1. Коопсуздуктун жол-жобосу же Келишимдин башка шарттары бузулган учурда, ушуну менен Колдонуучу төмөнкүлөр менен байланыштуу бардык тобокелдиктерди өзүнө алаарын ырастайт:

- Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картанын маалыматтарын/Колдонуучунун маалыматтарын колдонуу менен ПОС-терминалдар/банкоматтар жана башка перифериялык жабдуулар аркылуу Карталык операцияларды жүргүзүүдө үчүнчү жак колдонгон Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картага жана/же Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картанын маалыматтарына жана/же Колдонуучунун маалыматтарына үчүнчү жактардын мүмкүн болуучу жетүүсүнө;
- Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картанын маалыматтары жана/же Колдонуучунун маалыматтары белгилүү болуп калган үчүнчү жак тарабанынан перифериялык жабдуулар аркылуу кайсы болбосун Карталык операцияларды жүргүзүүсүнө.

10.2. Колдонуучу үчүнчү жак тарабынан интернет-сатып алуулар, Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картанын маалыматтарын жана/же Колдонуучунун маалыматтарын колдонуу менен ПОС-терминалдар/банкоматтар жана башка перифериялык жабдуулар аркылуу Карталык операциялар жүргүзүлгөндүгүнүн натыйжасында пайда болгон мүмкүн болуучу бардык жоготууларды, чыгымдарды, зыянды ж.б., өзүнө кабыл алат, жана ушуну менен Операторго мындай учурда ага каршы дооматтарды жана кандайдыр бир доолорду бербестигин кепилдейт, себеби Оператор Колдонуучуга интернет-сатып алууларды, Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картаны/Картанын маалыматтарын жана/же Колдонуучунун маалыматтарын менен ПОС-терминалдар/банкоматтар жана башка перифериялык жабдуулар аркылуу Карталык операцияларды жүргүзүүгө байланыштуу мүмкүн болуучу тобокелдиктер жөнүндө алдын ала жана толук өлчөмдө маалымат берген. Ушуну менен Колдонуучу интернет-сатып алууларды, Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картаны/Картанын маалыматтарын жана/же Колдонуучунун маалыматтарын колдонуу менен ПОС-терминалдар/банкоматтар жана башка перифериялык жабдуулар аркылуу Карталык операцияларды жүргүзүүгө ага техникалык мүмкүнчүлүк берилгендиги менен макулдугун, ошоной эле Операторду кандайдыр бир жоопкерчиликтен бошоткондугун, ал эми Оператор ага тете Колдонуучу тарабынан да, жана Колдонуучун ыйгарым укуктуу же ыйгарым укуктуу эмес үчүнчү жагы тарабынан да интернет-сатып алууларды, Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картаны же Картанын туура маалыматтарын колдонуу менен ПОС-терминалдар/банкоматтар жана башка перифериялык жабдуулар аркылуу Карталык операцияларды жүргүзүүдө пайда болушу мүмкүн болгон кандай болбосун кесепеттер үчүн анын алдында эч кандай жоопкерчилик тартпастыгына макулдугун таанып жана ырастайт.

10.3. Колдонуучунун Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картасын колдонуу менен интернет-сатып алууларды жүргүзүүсүнүн алкагында Оператор өз ыктыяры боюнча жана техникалык мүмкүнчүлүктөр болгон учурда, кошумча коопсуздукту камсыз кылуу максатында, Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картасын чыгаруу учурунда 3D-Secure технологиясын колдонушу мүмкүн. Бул технологияны колдонгон Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картасынын кармоочусу үчүн Интернет аркылуу төлөө процессинде суралуучу маалыматтардын тизмегине Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картасын Колдонуучунун өзү колдонуп жатканын тастыктоо үчүн кошумча суроо-талап кошулат, б.а. Оператор тарабынан ар бир операция үчүн бериле турган, Колдонуучунун уюлдук телефонунун номерине жөнөтүлгөн СМС-билдирүүдөгү/пуш-билдирүүдөгү тастыктоо кодун киргизүү талап кылынат. Бул учурда Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган картасынын кармоочусу ушуну менен мындай технология абсолюттук коргоо эмес экенин (бир жолку кодду компьютердик вирустар ж.б. аркылуу тосуп алуу учурлары болушу мүмкүн) түшүнөрүн тастыктайт. Кардар ошондой эле бул технология бардык эле интернет-сатып алууларга колдонула бербестигине макулдугун берет, себеби аны бардык эле эквайер-банктар колдобойт.

**11.** Бул Эрежелер Оператордон банктык жергиликтүү жана эл аралык төлөм карталарын чыгаруу жана тейлөө тартибин аныктайт.

**12.** Эрежелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актыларына, жергиликтүү жана эл аралык төлөм тутумдарынын шарттарына ылайык иштелип чыкты.

**13.** Эрежелер Электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган карталарынын бардык кармоочулары үчүн типтүү болуп саналат жана Оператор менен жеке жактын ортосунда түзүлүүчү жеке жактар үчүн Келишимдин жоболорун жана шарттарын аныктайт.

**14.** Бул Офертанын шарттарында, Эрежелерде каралбагандардын бардыгы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жөнгө салынат.

## 10. Картанын кармоочусу тарабынан операцияларды Картанын кармоочусунун О!Деньги электрондук капчыгынын валютасынан айырмаланган валютада жүргүзүүдө конвертациянын ар түрдүү варианттары каралган бир валютадан экинчи валютага конвертациялоонун схемасы

**a. ЭЛКАРТ:**

Сумманы эсептен чыгарууда конвертациянын мисалы: картанын Кармоочусу орус рубли менен кызмат үчүн төлөмдү сом картасынан жүргүзүүдө, кызматтын баасы 100 рубль, курс боюнча 1 рубль = 1,12 сом (ТКУСдун (МИРдин) транзакция жүргүзүү учурундагы курсу колдонулат):

I. Кардардын картасынан 112 сом кармап калынат.

II. Карталык операцияны иштеп чыгуу күнү (2 күндөн 30 күнгө чейин) төлөмдүн валютасынын курсу өзгөргөндө:

- рублдун курсу (ТКУСдун (МИРдин) транзакцияны иштеп чыгуу учурундагы курсу колдонулат) 1,14 болсо, мурун кармап калынган 112 сомго кошо кардардан кошумча 2 сом эсептен чыгарылат.
- рублдун курсу (ТКУСдун (МИРдин) транзакцияны иштеп чыгуу учурундагы курсу колдонулат) 1,10 болсо, кардарга кармап калынган сумманын 2 сом өлчөмүндөгү айырмасы (112 сом – 110 сом) кайтарылып берилет.

Сумма түшүүдө конвертациянын мисалы: картанын Кармоочусуна орус рубли менен сумма сом картасына түшөт, түшкөн сумма 100 рубль, курс боюнча 1 рубль = 1,12 сом (ТКУСдун (МИРдин) транзакция жүргүзүү учурундагы курсу колдонулат):

I. Кардардын картасына 112 сом түшөт.

II. Карталык операцияны иштеп чыгуу күнү (2 күндөн 30 күнгө чейин) төлөмдүн валютасынын курсу өзгөргөндө:

- рублдун курсу (ТКУСдун (МИРдин) транзакцияны иштеп чыгуу учурундагы курсу колдонулат) 1,14 болсо, мурун түшкөн 112 сом суммасына кошо картага кошумча 2 сом түшөт.
- рублдун курсу (ТКУСдун (МИРдин) транзакцияны иштеп чыгуу учурундагы курсу колдонулат) 1,10 болсо, мурун түшкөн 112 сом суммасынан картадан кошумча 2 сом эсептен алынат.

**b. VISA GOLD:**

Сумманы эсептен чыгарууда конвертациянын мисалы: кардардын картасы – сом улуттук валютасындагы VISA, Кардар КРдин чек арасынан тышкары жайгашкан Ишканадан АКШ долларында сатып алуу жүргүзөт.

Суммасы: 100 АКШ доллары Транзакция жүргүзүлгөн күн:

Операцияны жүргүзүү: 1-январь (ЭТСтин курсу +*OIF 5%: 89,775 KGS).

Акыркы эсептешүүнүн күнү: 3-январь (ЭТСтин курсу +OIF 2%: 86,7 KGS)

Бул учурда конвертациянын схемасы:

- Операция жүргүзүлгөн учурга карата (1-январь) кардардын картасынан 1-январга карата курс боюнча сумма бөгөттөлөт – 100 АКШ доллары * 89,77=8 977 сом
- Сумманын акыркы эсептешүүсү 3-январда 3-январга карата курс боюнча жүргүзүлөт – 100 АКШ доллары *86,7=8 670 сом. Сумма коррекциядан өтүп, кардарга 307 сом өлчөмүндөгү айырма кайтарылат.

Эгерде акыркы эсептешүүлөрдү жүргүзүү күнүнө карата курс өсүп кетип, 5% өлчөмүндөгү OIF курстун өскөнүн жаппаган учурда, анда акыркы эсептешүүлөрдө сумма коррекциядан өтүп, кардардан пайда болгон айырманын өлчөмүндөгү айырма алынат:

Операция жүргүзүү: 1-январь (ЭТСтин курсу +OIF 5%:  89,775  KGS).
Акыркы эсептешүүнүн күнү: 3-январь (ЭТСтин курсу +OIF 2%: 91,8 KGS) .
Бул учурда конвертациянын схемасы:
• Операция жүргүзүлгөн учурга карата (1-январь) кардардын картасынан 1-январга карата курс боюнча сумма бөгөттөлөт – 100 АКШ доллары * 89,77=8 977 сом
• Сумманын акыркы эсептешүүсү 3-январда 3-январга карата курс боюнча жүргүзүлөт – 100 АКШ доллары *91,8=9 180 сом. Сумма коррекциядан өтүп, кардардан 203 сом өлчөмүндөгү айырма алынат.

Операция КРдин чек арасынан тышкары улуттук жана эсептик (АКШ доллары) валютадан айырмаланган валютада жүргүзүлгөн учурда конвертация ЭТСтин тарабында 2 этап менен өтөт: операциянын валютасы АКШ долларына, АКШ доллары улуттук валютага.

*OIF- операциянын жүргүзүү учуруна карата 5%, акыркы эсептешүүлөрдү жүргүзүү учуруна карата 2% Оператордун курстук үстөгү.

- Мен, бул Оферта «Грин Телеком Сервис» ЖЧКсынын кол коюу тапшыруу менен, «Грин Телеком Сервис» ЖЧКсынын www.dengi.kg web-сайтына жана «О!Деньги» мобилдик тиркемесине жайгыштырылган «Грин Телеком Сервис» ЖЧКсынын Жөнөкөй электрондук кол тамганы колдонуу тартибинин шарттарын толугу менен жана милдеттүү кабыл алам (акцепттейм), бул документтин жөнөкөй электрондук кол тамга коюлган электрондук документ формасында түзүлө турганына макулдугумду берем, жана анын 2017-жылдын 19-июлундагы Кыргыз Республикасынын «Электрондук кол тамга жөнүндө» №128 Мыйзамына ылайык, менин өз колум менен тастыктаган кагаз ташуучудагы документ менен бирдей мааниге ээ экенин моюнга алам.

- Жөнөкөй электрондук кол тамгамды коюу менен менин абоненттик телефон номериме SMS-билдирүү аркылуу жиберилген атайы тастыктоо кодунун киргизилишин (активдештирилишин) жана/же «Грин Телеком Сервис» ЖЧКсынын сайтындагы жана/же «О!Деньги» мобилдик тиркемесиндеги Жеке кабинетимдин Логини менен Сырсөзүнүн колдонулушун тааныйм.

- Кардардын мобилдик түзмөгүнө жөнөтүлгөн кодду киргизүү менен кардардын жөнөкөй электрондук колтамгасы менен кол коюлган.

*«Грин Телеком Сервис» ЖЧК (мындан ары «ГТС» ЖЧК) КРУБдун №7003201022 22.10.2022 атайын жөнгө салуучу режимдин алкагында банк операцияларын жүргүзүү укугуна лицензиясынын негизинде электрондук капчыкты пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган карталарынын эмиссиясын жүзөгө ашырат*